# 2017-жылга Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду жана Бирдиктүү төлөөчү тутумунда иштеген саламаттык сактоо уюмдары тарабынан бюджеттик каражаттардын чыгымдар сметаларынын, атайын эсептин кирешелер жана чыгымдар сметаларынын аткарылышына жүргүзүлгөн аудит жөнүндө отчет

**Аудит үчүн негизд**: 2018-жылга Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аудитордук иш планы.

**Аудит объектиси:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду (мындан ары - ММК фонду) жана анын аймактык башкармалыктары, Бирдиктүү төлөөчү тутумунда иштеген, баштапкы медициналык-санитардык жардам көрсөтүүчү саламаттык сактоо уюмдары.

**Аудиттин максаты**: Бюджеттик каражаттардын чыгымдар сметаларынын, атайын эсептин кирешелер жана чыгымдар сметаларынын аткарылышына аудит жүргүзүү.

**Аудит жүргүзүлгөн мезгил**: 2017-жыл.

**Аудит жүргүзүлгөн мезгилде төмөнкүлөр каржылоону бөлүштүрүүчүлөр болуп эсептелген:**

- биринчи кол коюу укугу менен: Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун төрагасы М.Т. Калиев жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун төрагасынын орун басары А.М. Калыков бүтүндөй аудит жүргүзүлгөн мезгилге карата;
- экинчи кол коюу укугу менен: Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун Эсепке алуу жана отчеттуулук башкармалыгынын башчысы С.А. Мамбеталиева бүтүндөй аудит жүргүзүлгөн мезгилге карата.

## Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мурдагы аудитинин жыйынтыктары боюнча жазма буйругунун аткарылышы

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2016-жылга карата мурдагы аудитинин жыйынтыктары боюнча ММК фондунун дарегине жөнөтүлгөн жазма буйруктун 13 пунктунун ичинен бир пункту аткарылбай калган:

**12-пункт.** *Улуттук госпиталь боюнча 11840,4 миң сом суммасында аткарылган иштердин көлөмүн негизсиз жогорулатууну кайра кайтаруу.*

**Аткарылган эмес.** Бул пункт боюнча Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын дарегине жөнөтүлгөн Улуттук госпиталдын 2018-жылдын 1-февралындагы № 01/1-6-169 каты бар, катка Бишкек шаардык сотуна жана “ТАМЭС” ЖЧКсына доо арыз тиркелген, ошондой эле Улуттук госпиталдын 2018-жылдын 3-мартында ММК фондунун дарегине

жөнөтүлгөн каты бар, катка Бишкек шаардык район аралык сотунун 2017-жылдын 25-декабрындагы чечими тиркелген.

Бишкек шаардык район аралык сотунун 2017-жылдын 25-декабрындагы чечими менен, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Улуттук госпиталдын «ТАМЭС» ЖЧКсынан 10358,7 миң сомду өндүрүү боюнча доо арызы канааттандырылган. Азыркы мезгилде соттук териштирүүлөр жүрүп жатат.

## Аудит жүргүзүлүүчү объектиге кыскача мүнөздөмө

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 20-февралындагы №133 токтому менен бекитилген, «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду жөнүндө» Жобого ылайык, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду (мындан ары - ММК фонду) - жарандарды базалык мамлекеттик жана милдеттүү медициналык камсыздандыруу жаатында мамлекеттик саясатты ишке ашыруучу Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органы болуп саналат.

ММК фондунун максаты - Кыргыз Республикасынын жарандарын медициналык-санитардык жардам менен камсыз кылуу боюнча мамлекеттик кепилдиктер программасынын жана милдеттүү медициналык камсыздандыруу программаларынын алкагында Кыргыз Республикасынын жарандарын сапаттуу медициналык жана профилактикалык жардам менен кепилденген формада камсыз кылуу.

## ММК фондунун ишмердигине жана башкаруунун натыйжалуулугуна талдоо жүргүзүү

2017-жылы ММК фонду тарабынан Мамлекеттик кепилдиктер программасын (мындан ары – МКП) жана ММКнын Кошумча программасын жүзөгө ашыруу үчүн, Бирдиктүү төлөөчү тутумунда иштеген 261 саламаттык сактоо уюму жана 3 жеке менчик уюм менен, 8 гемодиализ борбору, ошондой эле 192 фармацевтикалык кызмат көрсөтүүчүлөр менен келишим түзүлгөн.

2017-жылы Бирдиктүү төлөөчү тутумунун бириккен бюджетинин такталган планы 13 796,0 млн. сомду түздү, (2016-жылга карата – 12 797,7 млн. сом).

Иш жүзүндө каржылоо 13 199,4 млн. сомду түздү же такталган пландын 95,7 %ы, 2016-жылы - 12 304,5 млн. сом, такталган пландын 96,1 %ы.

Республика боюнча үй-бүлөлүк дарыгерлер тобуна катталган калктын саны 2018-жылдын 1-январына карата 5 976,2 миң адамды түздү, анын ичинде камсыздандырылгандар – 3 871,7 миң жаран, мунун өзү жалпы катталган калктын 64,8%ын түздү.

«Дарыланып чыккандар» маалымат базасы боюнча дарыланып чыккан оорулуулардын саны 2014-жылдан тартып жыл сайын 1%га жогорулап

жүрүп отурган (2014-жылы – 931,5 миң, 2015-жылы – 939,6 миң). 2016-жылы дарыланып чыккан оорулуулардын санынын 0,9 %га азайышы байкалган, 2017-жылы бул көрсөткүч турукташкан (2016-жылы – 930,9 миң, 2017-жылы – 932,0 миң).

5 жеңилдетилген категория боюнча (параноялык шизофрения, ар түрдүү генездеги аффективдүү бузулуулар, талма, бронхиалдык астма, онкологиялык оорулуулар) жеңилдетилген дары-дармек менен камсыз кылуунун такталган бюджети 38,3 млн. сомду түздү, иш жүзүндө 35,9 млн. сомго (93,7 %) каржылоо жүргүзүлдү.

Жеке менчик медициналык борборлору тарабынан терминалдык стадиядагы бөйрөктүн өнөкөт оорусу менен ооруган бейтаптарга гемодиализ кызматын көрсөтүү үчүн, 2017-жылга такталган бюджет 216,0 млн. сомду түздү, иш жүзүндө каржылоо 189,2 млн. сом болгон, же 87,6 %.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу ММК фондунун 2017-жылга карата бириккен бюджети түзүлдү жана төмөнкү көлөмдө аткарылды:

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу ММК фондунун 2017-жылга карата бириккен бюджети 10908339,9 миң сом суммасында бекитилген, 2017-жылга карата такталган план 13937028,2 миң сомду түздү, же 2017-жыл ичинде 3028688,3 миң сомго көбөйгөн. 2017-жылы 11882375,5 миң сомго каржыланган, же чыгашалардын такталган планы 2054652,7 миң сомго азайган. 2017-жылга карата кассалык чыгымдар 13071429,3 миң сомду түздү же чыгашалардын такталган планынан 865598,9 миң сомго аз. Саламаттык сактоо уюмдарынын 2017-жылга карата иш жүзүндө чыгымдары 13552162,6 миң сомду түздү же чыгашалардын такталган планынан 384865,6 миң сомго аз аткарылган.

## Жарандарды медициналык-санитардык жардам менен камсыз кылуу боюнча Мамлекеттик кепилдиктер Программасынын аткарылышына аудит жүргүзүү

Калкты социалдык жактан коргоонун натыйжалуулугун жогорулатуу максатында, «Кыргыз Республикасында жарандардын ден соолугун коргоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына, «Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 20-ноябрындагы №790 токтому менен, Жарандарды медициналык-санитардык жардам менен камсыз кылуу боюнча мамлекеттик кепилдиктердин Программасы (мындан ары – МКП) бекитилген.

Жарандарды медициналык-санитардык жардам менен камсыздоо боюнча мамлекеттик кепилдиктер Программасы – бул, Мамлекеттик кепилдиктер Программасына катышкан саламаттык сактоо уюмдарында менчигинин формасына карабастан, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жарандардын медициналык-санитардык жардам

алууга укуктарын ишке ашырууну камсыздоочу медициналык-санитардык жардамдын кепилденген көлөмү, түрлөрү жана шарттары.

Мамлекеттик кепилдиктердин Программасында медициналык-санитардык жардамдын көлөмү төмөнкү каражаттардын эсебинен аныктала тургандыгы белгиленген:

- республикалык бюджеттен;
- милдеттүү медициналык камсыздандыруудан.

МКПны сапаттуу жана өз убагында аткаруу үчүн, Саламаттык сактоо жана милдеттүү медициналык камсыздандыруу боюнча Байкоочу кеңештин (мындан ары – Байкоочу кеңеш) чечиминде МКПны аткаруу маселелери толук чагылдырылган эмес, МКПнын алкагында республиканын калкына баштапкы медициналык-санитардык жардам көрсөтүүнү жакшыртуу боюнча, ММК фондунун алдына конкреттүү милдеттер коюлган эмес.

Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду түзүлгөн мезгилден тартып Үй-бүлөөлүк медициналык борборунда, Жалпы дарыгерлер тажрыйба борборунда жана Үй-бүлөөлүк дарыгерлер тобунда калкка көрсөтүлүүчү баштапкы медициналык-санитардык жардамдын кепилдеген түрлөрүнө 11 элементардык базалык лабораториялык жана диагностикалык изилдөөлөр кирет, ошол эле учурда МКП системасында иштеген мамлекеттик саламаттык сактоо уюмдарында калкка акы төлөнүүчү медициналык кызмат көрсөтүүлөрдүн саны өскөндүгү байкалган. Ушундан улам калкка акысыз жана жеңилдетилген жардам көрсөтүү боюнча МКП максатына жеттиби, деген суроо жаралат. Бул багытта ММК фонду тарабынан дээрлик иш жүргүзүлгөн эмес. Медициналык жардамдын стандарттары иштелип чыккан эмес. Медициналык жардамга акы төлөө бардык чыгымдар беренелери кирген толук тарифтин негизинде ишке ашырылышы керек: эмгек акы, коммуналдык чыгымдар, транспорттук кызматтар, медикаменттерди, чыгымдоочу материалдарды сатып алуу ж.б. ММК фонду тарабынан ушул мезгилге чейин Тарифтерди эсептөөнүн методикасы иштелип чыккан эмес, бардыгы эсептелип чыгышы жана финансылык жактан бекемделиши керек эле.

Акы төлөнүүчү медициналык жардамдын көлөмү 2016-жылга салыштырганда 175,6 млн. сомго көбөйгөн, ооруканада акы төлөп дарыланган оорулуулардын саны өскөндүгү байкалган. Ошол эле мамлекеттик дарылоо мекемелери, ошол эле койкалар, бирок акы төлөп жаткан бейтаптар артыкчылыкка ээ, муну менен, ММКнын алкагында медициналык жардамдын жеткиликтүүлүгү чектелген.

Медициналык кызматтардын сапатына экспертиза жүргүзүү үстүртөн гана жасалат, ооруканадагы өлүмгө учуроолорго, операциядан кийинки кошумча оорунун пайда болушуна, клиникалык жана патологоанатомиялык диагноздордун шайкеш келбөөсүнө талдоо жүргүзүлбөйт.

Аудит Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги (мындан ары – Саламаттык сактоо министрлиги) жана Кыргыз

Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик миграция кызматы фонду тарабынан МКПны ишке ашырылышына талаптагыдай контролдун жоктугун, ченемдик-укуктук базанын жетилбегендигин белгилейт жана МКПга зарыл өзгөртүүлөрдү киргизүүнү, ошондой эле кыска мөөнт ичинде стандарттарды бекитилиши, алардын наркы эсептелиши жана алардын негизинде МКПны финансылык камсыздоону түзүү керек деп эсептейт.

Мындан тышкары, медициналык кызматкерлерге эмгек акы төлөө методикасын кайра карап чыгуу, дарылоо мекемелери тармагын оптималдаштыруу боюнча талдоо жүргүзүү, стационарлардын ишмердигине жана айып пул санкцияларынын негиздүүлүгүнө баалоо жүргүзүү, эксперттердин ишмердүүлүгүнүн бирдиктүү критерийлерин иштеп чыгуу зарыл.

## Республикалык бюджеттен бөлүнгөн каражаттарды каржылоого аудит жүргүзүү

«Кыргыз Республикасынын 2017-жылга республикалык бюджети жана 2018-2019-жылдарга болжолу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен, КР Өкмөтүнө караштуу ММК фондуна 9 373 247,3 миң сом каралган, такталган бюджет 9560945,9 мин сомду түздү, 9479748,2 миң сомго каржыланган, кассалык чыгашалар 9461325,2 миң сомду түздү жана иш жүзүндө 9285907,9 миң сом чыгымдалды.

2017-жылы Бирдиктүү төлөөчү тутумунда иштеген саламаттык сактоо уюмдарын каржылоого республикалык бюджеттен 9461,3 млн. сом бөлүнгөн, бул жалпы 11882,3 млн. сом суммасындагы топтоштурулган бюджеттин 79,6%ын түздү.

КР Өкмөтүнө караштуу ММК фондунун 2017-жылдын 24-февралындагы №42 буйругуна ылайык, 2017-жылы Бирдиктүү төлөөчү тутумунда иштеген 92 саламаттык сактоо уюмундагы финансылык тобокелдиктердин ордун жабууга каражаттардын көлөмү **365350,0** миң сом суммасында белгиленген.

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин (мындан ары – Бюджеттик кодекс) 77-беренесине ылайык, бекитилген республикалык бюджеттин алкагында максаттуу иш чараларга каражаттарды багыттоо жолу менен саламаттык сактоо уюмдарынын финансылык тобокелдиктерин азайтуу жана финансылык туруктуулугун камсыз кылуу максатында, ММК фонду тарабынан ченемдик укуктук акт иштелип чыккан эмес.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 10-июнундагы №480 «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 23-августундагы №489 «Социалдык чөйрөдө иштеген техникалык жана кенже тейлөөчү персоналдын кызматтык маяналарын бекитүү жөнүндө» токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» токтомун аткаруу менен, 2017-жылы республикалык бюджеттен Бирдиктүү төлөөчү тутумунда иштеген саламаттык сактоо уюмдарынын кенже жана техникалык тейлөөчү

персоналынын эмгек акыларын жогорулатууга 436739,8 миң сом суммасында каражат бөлүнгөн.

Бирок КР Өкмөтүнө караштуу ММК фонду тарабынан саламаттык сактоо мекемелерине эмгек маяналарды жогорулатпоо, ал эми айырмасын эмгек маянасына кошумча акы коэффициенти катары көрсөтүү сунушталган, мунун өзү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1999-жылдын 26-июлундагы №408 «Эмгек акыга кирүүчү кошумча төлөмдөрдүн тизмеси жөнүндө» буйругуна карама-каршы келет, бул токтомдо эмгек маянасына кошумча акы коэффициенти жок.

2017-жылы КР Өкмөтүнүн 2017-жылдын 21 октябрындагы №721 токтомунун, 2017-жылдын 21-ноябрындагы №531-б, 2017-жылдын 24-июлундагы №306-б, 2017-жылдын 7-сентябрындагы №390-б, 2017-жылдын 18-июлундагы №294-б, 2017-жылдын 21-сентябрындагы №417-б, 2017-жылдын 17-мартындагы №104 буйруктарынын жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Бюджет жана финансы боюнча комитетинин 2017-жылдын 21-июнундагы, 2017-жылдын 11-сентябрындагы, 2017-жылдын 13-сентябрындагы чечимдеринин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин (мындан ары – Жогорку Кеңеш) 2017-жылдын 29-ноябрындагы №2021 токтомунун негизинде, республикалык бюджеттен максаттуу иш-чараларга 2216 «Саламаттык сактоо системасында бирдиктүү беренелер менен берилген чыгашалар» беренеси боюнча кошумча бөлүнгөн **118418,6** миң сом суммасындагы каражат, төмөнкү иш-чараларга жумшалды:

- медициналык жабдыктарды сатып алууга – 21000,0 миң сом;
- имаратты капиталдык оңдоодон өткөрүүгө – 56826,3 миң сом;
- транспорттук чыгашаларды төлөөгө – 5008,8 миң сом;
- Түштүк аймактык жүрөк-кан тамыр илимий борборуна - 5000,0 миң сом;
- Дача-Суу айылындагы аварияга байланыштуу – 583,5 миң сом;
- гемодиализ кызматын төлөөгө – 30000,0 миң сом.

КР Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду Бирдиктүү төлөөчү катары аныкталган жана Мамлекеттик кепилдиктер программасы боюнча саламаттык сактоо уюмдары тарабынан көрсөтүлгөн кызматтарды каржылайт жана МКПнын көлөмүнөн тышкары кошумча максаттуу чыгашаларды каржылоо ММК фондунун компетенциясына кирбейт.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 20-февралындагы №118 токтому менен бекитилген, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги жөнүндө Жобого ылайык, тендердик негизде товарлардын, жумуштардын, кызмат көрсөтүүнүн борбордук сатып алууларын жүргүзүү жана муктаждыкты аныктоо, ошондой эле саламаттык сактоо уюмдарынын инфраструктурасын жана материалдык-техникалык базасын жакшыртуу боюнча иш-чараларды камсыз кылуу, Кыргыз

Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин колдоо көрсөтүү функциясы болуп эсептелет.

2017-жылы бюджетти аткарууда, КР Финансы министрлигинин (мындан ары – Финансы министрлиги) макулдугу менен, кол коюлган маалымкат-билдирүүлөрдүн негизинде, саламаттык сактоо уюмдарынын каражаттарын көбөйтүү аркылуу айрым башка саламаттык сактоо уюмдарынын чыгымдарын азайтуу менен саламаттык сактоо уюмдарынын ортосунда бюджеттик каражаттарды кайра бөлүштүрүү жүргүзүлгөн.

Мына ушундай жол менен Программа боюнча баасы жеңилдетилген дары-дармек менен камсыз кылуу каражаттарынын жалпы суммасы **16431,1 миң сом** кайра бөлүштүрүлгөн.

Ошондой эле., жалпы суммасы **44406,9** миң сом бюджеттик каражаттар саламаттык сактоо уюмдарынын ортосунда кайра бөлүштүрүлгөн.

Милдеттүү медициналык камсыздандыруу каражаттарын казыналык системасына интеграциялоо максатында, 2017-жылдын 1-январынан тартып Борбордук казыналык тарабынан ММК фондунун коммерциялык банктардагы алыш-бериш эсептери, ошондой саламаттык сактоо уюмдарынын өтмө эсептери жабылган.

Милдеттүү медициналык камсыздандырууга, камсыздандыруу төгүмдөрүнүн каражаттарын эсепке алуу жана пайдаланууга багытталган банк эсептеринин жабылышы менен, 2711 функционалдык классификациясы, ММК каражаттары боюнча бюджетти аткаруу каржылоо механизминин жоктугунан улам мүмкүн болбой калды. Мына ушуга байланыштуу, Борбордук казыналык тарабынан ММК каражаттарын чыгымдоону, 36131 ведомстволук классификация боюнча бюджеттик эсептер аркылуу жүргүзүү тууралуу чечим кабыл алынды жана ММК каражаттары боюнча жалпы суммасы **429637,7** миң сом пландарды жылдыруу жүргүзүлдү – республикалык бюджеттен калктын социалдык жактан аярлуу категориясына бөлүнгөн каражаттар (балдар, социалдык жөлөк пул алуучулар, пенсионерлер, жумушсуздар, студенттер жана аскер кызматчылары). 2017-жылдын жыйынтыгы боюнча Борбордук казыналык тарабынан жогоруда көрсөтүлгөн суммага кассалык план ачылган. Ошого ылайык, ММК каражаттары боюнча бюджет жогоруда көрсөтүлгөн суммада аткарылган эмес.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Бюджет жана финансы боюнча комитети өзүнүн 2017-жылдын 28-апрелиндеги № 6-9787/17 «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондун 2017-жылы кошумча каржылоо жөнүндө» чечими менен, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу ММК фондунун 2017-жылга карата кирешелерин жана чыгашаларын келип түшүүчү камсыздандыруу төгүмдөрүнүн эсебинен 2342373,2 миң сомго көбөйтүү жөнүндө сунушу менен макул болгон.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Бюджет жана финансы боюнча комитети менен макулдашуу боюнча, Кыргыз Республикасынын

Өкмөтүнүн 2017-жылдын 21-апрелиндеги № 128-б буйругу менен, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан КР Өкмөтүнө караштуу ММК фондуна келип түшүүчү камсыздандыруу төгүмдөрүнүн эсебинен республикалык бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүктөрүнүн пландары 2342373,2 миң сомго көбөйтүлдү.

Каржыланган бюджеттик каражаттардын эң чоң бөлүгү эмгек акы боюнча чыгымдарга жана Социалдык фондго чегерүүлөргө багытталган – 7176508,8 миң сом (77,4 %), коммуналдык чыгымдарга – 540310,4 миң сом бөлүнгөн (5,8%), медикаменттерди жана медициналык багыттагы буюмдарды сатып алууга – 332798,2 миң сом (3,6 %), тамак-аш азыктарына – 353594,8 миң сом (3,8 %), мүлктү ондоп-түзөөгө – 196915,5 миң сом (2,1 %), имаратты жана мүлктү капиталдык жана учурдагы оңдоп-түзөөгө – 84526,0 миң сом (0,9 %), учурдагы жана чарбалык максаттар үчүн буюмдарды жана материалдарды сатып алууга – 226435,0 миң сом (2,4 %), жабдууларды сатып алууга – 149464,6 миң сом (1,6 %) жана башка чыгымдар боюнча - 211570,1 миң сом бөлүнгөн же 2,4 %.

КР Өкмөтүнө караштуу ММК фонду тарабынан көзөмөлдөөнүн жоктугунан улам, саламаттык сактоо уюмдары тарабынан чыгашалар беренелери боюнча бекитилген бюджетти бөлүштүрүүдө төмөнкүдөй чыгашалар киргизилген:

- 2215 «Башка товарларды жана кызматтарды сатып алуу» беренеси боюнча - 72192,3 миң сом;

- 2221 «Мүлктү учурдагы оңдоп-түзөө» беренеси боюнча - 196915,5 миң сом;

- 2222 «Учурдагы чарбалык максаттар үчүн буюмдарды жана материалдарды сатып алуу» беренеси боюнча - 154242,7 миң сом,

- 3111 «Имараттар жана курулмалар» беренеси боюнча - **84526,0** миң сом;

- 3112 «Машиналар жана жабдуулар» беренеси боюнча - **149464,6** миң сом, бардыгы болуп, 5 берене боюнча жалпы суммасы **657341,1** миң сом.

Жогоруда көрсөтүлгөн чыгашалар беренелерине каражаттарды бөлүштүрүү, бюджеттик каражаттарды түздөн түз бейтаптарды дарылоо боюнча (медикаменттер жана тамак-аш) чыгымдарга багыттоо милдеттемесинен четтетет.

Белгилей кетүү керек, ушул мезгилге чейин Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу ММК фонду тарабынан медициналык кызматтардын стандарттарынын өздүк наркы (калькуляция) иштелип чыккан эмес. Стандарттардын жоктугу медициналык кызмат көрсөтүүчүлөргө оорулууну дарылоо менен байланышпаган чыгымдарга (учурдагы ондоп-түзөө, жабдууларды сатып алуу ж.б.) каражат жумшоого мүмкүндүк берет.

2017-жылы бюджеттен алынган каражаттардан көрсөтүлгөн медициналык-санитардык жана стационардык кызматтары үчүн, саламаттык

сактоо уюмдарына жалпы суммасы **54325,2** миң сомго жеткире төлөбөөгө жол берилген.

**Күйүүчү-майлоочу майлардын, запастык бөлүктөрдүн, чарбалык материалдардын, кеңселик товарлардын жана курулуш материалдарынын ченемден ашык корлоруна аудит жүргүзүү**

Ушул аудиттин жүрүшүндө КР Өкмөтүнө караштуу ММК фондунун аймактык башкармалыктары тарабынан саламаттык сактоо уюмдарынын 2017-жылдын жыйынтыгы боюнча жылдык баланска ылайык, ченемден ашык корлордун жана материалдардын болушуна талдоо жүргүзүү боюнча маалыматтар, бюджеттик каражаттар боюнча белгиленген товардык-материалдык баалуулуктардын ченемден ашык корлору жана дебитордук карыздардын кредитордук карыздардан **56677,8** миң сомго жогору болушу көрсөтүлгөн.

Товардык-материалдык баалуулуктардын ченемден ашык корлорунун болушу, дебитордук жана кредитордук карыздардын болушу, саламаттык сактоо уюмдарынын жетекчилери тарабынан иштелип табылган каражаттарды сарамжалдуу эмес жана натыйжасыз пайдалануусунан кабар берет жана Саламаттык сактоо министрлиги жана ММК фонду тарабынан саламаттык сактоо уюмдарынын каражаттарды сарамжалдуу жана натыйжалуу пайдаланышына көзөмөлдүн жоктугун көрсөтүп турат.

**Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджетинен КР Финансы министрлиги аркылуу келип түшкөн ММК каражаттарынын келип түшүүсүнө жана пайдаланылышына аудит жүргүзүү**

«Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2017-жылга бюджети жана 2018-2019-жылдарга божомолу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, 2017-жылдын 1-мартынан тартып Мыйзамдын киреше бөлүгүнө ММК фондуна камсыздандыруу төгүмдөрү катары, жалпы суммасы 1984613,3 миң сом өлчөмүндө каражат келип түшүүсү пландаштырылган.

«Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2017-жылга бюджети жана 2018-2019-жылдарга божомолу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына 2017-жыл ичинде киргизилген өзгөртүүлөрдүн натыйжасында, 2017-жылга карата жалпы суммасы 2167451,6 миң сомго чыгашалар каралган жана бекитилген, же баштапкы бекитилген сумма 91881,0 миң сомго жогорулатылган. КР Мыйзамында бекитилген 2167451,6 миң сом, төмөнкү чыгашаларга бөлүштүрүлгөн:

- медициналык кызматтарды каржылоо – 2006451,6 миң сом же баштапкы бекитилген сумма 91881,0 миң сомго көбөйгөн;
- административдик чыгымдар – 130000,0 миң сом;
- маалыматтык камсыздоого каралган чыгымдар – 11000,0 миң сом;
- Саламаттык сактоону өнүктүрүү фонду – 20000,0 миң сом.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу ММК фондунун маалыматтары боюнча Казыналыктын Биринчи Май райондук бөлүмүндөгү ММК фондунун бирдиктүү тескелүүчү эсеби аркылуу каржыланган республикалык бюджеттен МКП боюнча, жеңилдетилген дары-дармек менен камсыз кылууга бөлүнгөн 34520,8 миң сомду эске алганда, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги аркылуу 2017-жылы ММК каражаттарынан саламаттык сактоо уюмдарын жалпы суммасы 2432555,4 миң сомго каржылоо жүргүзүлгөн, анын ичинде:

- медициналык кызматтарды каржылоо – 2018542,9 миң сом;
- административдик чыгымдар – 130000,0 миң сом;
- медициналык кызматтарды каржылоо (жеке менчик уюмдар) - 9532,8 миң сом;
- ММК КП боюнча жеңилдетилген дары-дармек менен камсыздоого кеткен чыгымдарды каржылоо – 228544,9 миң сом;
- МКП боюнча жеңилдетилген дары-дармек менен камсыздоого кеткен чыгымдар – 34429,7 миң сом.

Чыгашаларды каржылоо планы боюнча саламаттык сактоо уюмдары тарабынан 2017-жылга карата 2281517,0 миң сом суммасында ММК каражаттарын чыгымдоо жүргүзүлдү, анын ичинде:

- кошумча эмгек акыга - 610349,0 миң сом;
- Социалдык фондго чегерүүлөргө - 106161,5 миң сом;
- кызматтык иш сапарларга - 18301,1 миң сом;
- медикаменттерди жана медициналык багыттагы буюмдарды сатып алууга - 661246,8 миң сом;
- башка кызматтарды сатып алууга - 77852,1 миң сом;
- мүлктү оңдоп-түзөөгө - 28937,2 миң сом;
- учурдагы чарбалык максаттар үчүн буюмдарды жана материалдарды сатып алууга - 179034,9 миң сом;
- Буюмдарды сатып алууга, тигүүгө жана оңдоп-түзөөгө - 9184,3 миң сом;
- машиналарды жана жабдууларды сатып алууга - 327475,8 миң сом;
- МКП боюнча медикаменттерди сатып алууга - 34429,4 миң сом;
- ММКнын Кошумча программасын аткарууга - 228544,9 миң сом.

2017-жылы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу ММК фонду тарабынан Саламаттык сактоо жана милдеттүү медициналык камсыздандыруу боюнча Байкоочу кеңештин 2017-жылдын 15-февралындагы чечими менен белгиленген ченемдер боюнча, ММК каражаттарынан саламаттык сактоо уюмдарын каржылоодо ММК каражаттары боюнча 37 саламаттык сактоо мекемесине **5357,5** миң сом суммасындагы каражат ашыкча төлөнгөн жана 160 саламаттык сактоо мекемесине **160106,8** миң сом кем төлөнгөн.

**Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 20-февралындагы №133 токтому менен бекитилген «Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду жөнүндө» Жобого аудит жүргүзүү**

Жүктөлгөн милдеттерди жүзөгө ашыруу үчүн, «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду жөнүндө» Жобо, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 20-февралындагы №133 токтому менен бекитилген. Бул Жободо Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен каралбаган ченемдер каралган.

Алсак, «Кыргыз Республикасында жарандарды медициналык камсыздандыруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 25-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду жана анын аймактык башкармалыктары медициналык камсыздандыруу төгүмдөрүнүн эсебинен күтүлөт. Бирок, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 20-февралындагы №133 токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду жөнүндө» Жобонун 11-пункту менен, ММК фондунун аппаратын жана анын аймактык башкармалыктарын каржылоонун ченеми милдеттүү медициналык камсыздандыруу каражаттарынан ММК фондунун башкаруусундагы топтолгон каражаттардын жалпы көлөмүнөн үч пайызга чейинки өлчөмдө белгиленген, мунун өзү ММК фондуна жалпы бириккен бюджетке шилтемелөө менен, административдик чыгымдардын көлөмүн көбөйтүүгө мүмкүндүк берген.

Бекитилген Жобого ылайык, ММК фонду милдеттүү медициналык камсыздандыруу системасында сатып алуу, сактоо жана бөлүштүрүү аркылуу Мамлекеттик кепилдиктер Программасы боюнча медициналык жабдуулар менен камсыз кылуу боюнча кызматтарды көрсөтөт. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 20-ноябрындагы №790 токтому менен бекитилген, Жарандарды медициналык-санитардык жардам менен камсыз кылуу боюнча мамлекеттик кепилдиктер программасы – бул Кыргыз Республикасынын жарандарына медициналык-санитардык жардам көрсөтүүнүн кепилденген көлөмү, түрлөрү жана шарттары. Мамлекеттик кепилдиктер Программасынын алкагында медициналык-санитардык жардамдын көлөмү төмөнкү каражаттардан саламаттык сактоо системасын каржылоонун чегинде ишке ашырылат:

- республикалык бюджеттен;
- милдеттүү медициналык камсыздандыруу.

Демек, Мамлекеттик кепилдиктер программасы боюнча бөлүнүүчү каражаттар толук көлөмдө оорулууга медициналык-санитардык жардам алуу үчүн чыгымдалышы керек. Жабдуулар менен камсыз кылуу маселесин чечүү, учурдагы жана капиталдык оңдоп-түзөө иштерин жүргүзүү Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин милдети болуп эсептелет.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 20-февралындагы №118 токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги жөнүндө» Жобого ылайык, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги саламаттык сактоо уюмдарынын инфратүзүмүн жана материалдык-техникалык базасын жакшыртуу боюнча иш-чараларды камсыз кылат.

Көрсөтүлгөн Жобого ылайык, ММК фондунун функцияларынын бири болуп бекитилген республикалык бюджеттин алкагында максаттуу иш-чараларга каражаттарды багыттоо менен, саламаттык сактоо уюмдарынын финансылык туруктуулугун камсыз кылуу жана финансылык тобокелдиктерин минималдаштыруу болуп эсептелет. Бирок, ММК фонду тарабынан ушул мезгилге чейин базалык каржылоо ченемдеринин өздүк наркын (калькуляция) эсептөө жүргүзүлгөн эмес жана Мамлекеттик кепилдиктер программасын аткаруу үчүн республикалык бюджеттен каржыланган бюджеттик каражаттарды чыгымдоонун тартиби иштелип чыккан эмес. Базалык каржылоо ченемдеринин өздүк наркынын (калькуляция) жана бюджеттик каражаттарды чыгымдоо тартибинин жоктугу бюджеттик каражаттарды максаттуу пайдалануудан четтеп кетүүгө алып келет.

Бекитилген Жобого ылайык, ММК фондунун функциясына тескөөчү тармакта укуктук пропаганда боюнча иш-чараларды жүргүзүү кирет. Бул багытта иштин начар уюштурулгандыгынан улам, Кыргыз Республикасынын жарандары ушул мезгилге чейин мамлекет бизге кандай кепилдик берет, Мамлекеттик кепилдиктер Программасы боюнча Кыргыз Республикасынын жарандары кандай акысыз медициналык кызматтарды ала алышат деген суроолорго жооп ала албай келишет. ММК фонду тарабынан жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу ушул суроого так жана конкреттүү жооп берүү жетишсиз болууда.

«Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду жөнүндө» Жобого Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 18-октябрындагы №562 токтомунун редакциясында өзгөртүү киргизилген, анда ММК фондунун борбордук аппаратынын жана анын аймактык башкармалыктарынын кызматкерлерине эмгек акы төлөө шарттары Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныктала тургандыгы белгиленген. Азыркы учурда ММК фондунун кызматкерлерине эмгек акы төлөө шарттары Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун төрагасы тарабынан аныкталат.

## «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын сакталышы

2017-жылы ММК фондунун борбордук аппаратында 44 тендер тандалмалары өткөрүлүп, 8596,8 миң сомго келишим түзүлгөн, анын ичинде:

- 2212 «Байланыш кызматы» беренеси боюнча 273,5 миң сомго;

- 2214 «Транспорт кызматтары» беренеси боюнча 453,0 миң сомго;

- 2215 «Башка товарларды жана кызматтарды сатып алуу» беренеси боюнча 1943,7 миң сомго;

- 2221 «Мүлктү учурдагы оңдоп-түзөөгө чыгымдар» беренеси боюнча 76,0 миң сомго;

- 2222 «Учурдагы чарбалык максаттар үчүн буюмдарды жана материалдарды сатып алуу» беренеси боюнча 683,2 миң сомго;

- 2225 «Күзөт кызматын сатып алуу» беренеси боюнча 360,0 миң сомго;

- 3112 «Машиналар жана жабдуулар» беренеси боюнча 4807,4 миң сомго.

«Бюджет.ММКФ» модулу боюнча «Инфо-Система» мамлекеттик ишканасы «IS Казна. Бюджет» автоматташтырылган маалымат системасын жеткире иштеп чыгуу боюнча, кызмат көрсөтүүнү пландалган 8708,8 миң сом суммасында сатып алууга, мамлекеттик сатып алуу боюнча тендер, түз келишим түзүү ыкмасы менен өткөрүлгөн. Келишимди түз түзүү ыкмасын тандоо же конкреттүү жабдуучудан кызмат көрсөтүүнү сатып алуу үчүн негиз болуп, алардын интеллектуалдуу же бул кызмат көрсөтүүгө карата өзгөчө укукка ээ болгондугу эсептелген.

Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгынын 04.09.2017-жылдагы № 05-06-2/9740 каты менен, «Инфо-Система» мамлекеттик ишканасы «IS Казна. Бюджет» автоматташтырылган маалымат системасынын мүлк ээси болуп эсептелгендиктен, ММК фонду «Инфо-Система» мамлекеттик ишканасы менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзгөн, Инфо-Система» мамлекеттик ишканасы тарабынан автоматташтырылган маалымат системасын аягына чейин иштеп чыгуу боюнча кызмат көрсөтүү наркына 8708,8 миң сом сунушталган, ал эми ММК фонду тарабынан бул сунуш кабыл алынган, ММК фонду кызматтын наркын төмөндөтүүгө аракет жасабастан туруп, IT адистердин тиешелүү программаны иштеп чыгуу боюнча кызматтын сунушталган наркы туура келе тургандыгы боюнча корутундусу жок туруп, сунушту кабыл алган, б.а. чындыгында эле программаны аягына чейин иштеп чыгуу 8708,8 миң сом турабы же «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1-беренеси бузулуудабы, бул берене боюнча мамлекеттик сатып алуулардын максаты мамлекеттик каражаттарды сарамжалдуу жана натыйжалуу пайдалануу болуп эсептелет.

«Инфо-Система» мамлекеттик ишканасы менен ММК фондунун ортосунда 2017-жылдын 25-декабрында № Д-08-2/69/13 келишим түзүлгөн.

«Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 12-беренесинин 4-пунктун бузуу менен, кызматтарды сатып алуу сатып алуулардын жылдык планына киргизилбестен жана 2017-жылга карата бекитилген бюджеттик каражаттарды эске албастан кызматтарды сатып алуу ишке ашырылган.

Кызмат көрсөтүү 2017-жылы ишке ашырылган эмес, анткени, «Сатып алуучунун», б.а. ММК фондунун каражаты жок болгондуктан, 2018-жылдын январь айында башталган.

Компьютерлерди жана башка жабдууларды сатып алууга № 17092571072690 тендер боюнча, ММК фонду 2017-жылдын 21-ноябрында «КБМ» ЖЧКсы менен сервердик жабдуулар менен камсыз кылууга № Д-08-2/57 келишим түзгөн.

Натыйжада, «КБМ» ЖЧКсы өз убагында жеткирбегендиги үчүн, 4,4 миң сом үстөк айып төлөшү керек эле, айып пул санкциялары кармалган эмес.

## Маалыматтык камсыз кылуу каражаттары боюнча

«Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2017-жылга бюджети жана 2018-2019-жылдарга божомолу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен маалыматтык камсыздоого чыгымдар 11000,0 миң сом суммасында бекитилген.

КР Өкмөтүнө караштуу ММК фондунун 2017-жылга маалыматтык камсыздоого 11000,0 миң сом суммасындагы чыгымдар сметасы ММК фондунун төрагасы М.Т. Калиев тарабынан бекитилген, анын ичинде ММК фондунун борбордук аппаратын маалыматтык камсыздоого 5438,9 миң сом бекитилген, ММК фондунун БА боюнча такталган сумма 2017-жылга 5438,9 миң сомду түздү жана ММК фондунун аймактык башкармалыктарын каржылоого чыгымдар сметасы 5561,1 миң сом суммасында бекитилген, ММК фондунун аймактык башкармалыктары боюнча такталган сумма 5561,1 миң сомду түздү.

ММК фондунун борбордук аппаратынын такталган чыгашалар сметасы 5438,9 миң сомду түздү, каржылоо жана кассалык чыгымдар 4678,5 миң сомду түзүп, такталган чыгымдардан 760,4 миң сомго аз, иш жүзүндө чыгымдар 344,1 миң сомду түздү.

Маалыматтык камсыздоого финансылык каражаттардын чыгымдар сметасы аймактык башкармалыктардан берилген билдирмелерди эске алуу менен түзүлөт, зарыл болгон учурда **негиздүү түзөтүүлөр** киргизилет.

ММК фондунун аймактык башкармалыктары боюнча бекитилген жана такталган чыгымдар сметасы 5561,1 миң сомду түздү, кассалык чыгымдоо 4983,9 миң сом жана жыл аягында пайдаланылбаган калдык 577,2 миң сомду түздү.

2017-жыл ичинде 1025,4 миң сом суммасындагы сметалык багыттамалар жылдырылды, анын ичинде борбордук аппарат боюнча 865,0 миң сом, мунун өзү чыгашалардын экономикалык классификацияларынын статьялары боюнча ММК фондунун борбордук аппаратынын жана аймактык башкармалыктарынын маалыматтык системалары үчүн 2017-жылга карата финансылык муктаждыктардын эсеби сапатсыз түзүлгөндүгүнөн кабар берет.

Жыл аягында пайдаланылбаган каражаттардын калдыгы 2017-жылдын 31-декабрына карата 760,4 миң сомду түздү, мунун өзү «Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2017-жылга бюджети жана

2018-2019-жылдарга божомолу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 2017-жылдын 1-мартындагы №39 Мыйзамына карама-каршы келет жана учурдагы жылда пайдаланылышы керек болчу.

**Саламаттык сактоону өнүктүрүүгө жана колдоого каражаттар**

«Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2017-жылга бюджети жана 2018-2019-жылдарга божомолу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, Саламаттык сактоону өнүктүрүү фондунун бюджети 20000,0 миң сом өлчөмүндө бекитилген.

Саламаттык сактоо жана милдеттүү медициналык камсыздандыруу боюнча Байкоочу кеңештин 2017-жылдын 18-октябрындагы чечими менен 2017-жылга Саламаттык сактоону өнүктүрүү фондуна бөлүнгөн каражаттардын эсебинен Жалал-Абад облустук кургак учук менен күрөшүү борборуна, Чаткал райондук Жалпы дарыгерлер тажрыйба борборуна, Чоң-Алай райондук Жалпы дарыгерлер тажрыйбалык борборуна жана Кочкор райондук Үй-бүлөлүк медицина борборуна медициналык жабдууларды сатып алуу үчүн 20,0 млн. сом бөлүнгөн.

Саламаттык сактоо жана милдеттүү медициналык камсыздандыруу боюнча Байкоочу кеңештин ушул чечимин аткаруу жөнүндө КР Өкмөтүнө караштуу ММК фондунун 2017-жылдын 23-октябрындагы №278 «2017-жылы Саламаттык сактоону өнүктүрүү фондунан максаттуу каражаттарды каржылоо жөнүндө» буйругу чыгып, Саламаттык сактоону өнүктүрүү фондуна каралган каражаттардын эсебинен максаттуу тартипте медициналык жабдууларды сатып алууга төмөнкү саламаттык сактоо уюмдарына каражаттар бөлүнгөн:

- Р.Т. Бауэр атындагы Жалал-Абад облустук кургак учук менен күрөшүү борборуна 5,0 млн. сом рентген жабдуусун сатып алуу үчүн;
- Чаткал райондук Жалпы дарыгерлер тажрыйбалык борборуна 5,0 млн. сом рентген жабдуусун сатып алуу үчүн;
- Чоң-Алай райондук Жалпы дарыгерлер тажрыйбалык борборуна 5,0 млн. сом рентген жабдуусун сатып алуу үчүн;
- Кочкор райондук Үй-бүлөлүк медицина борборуна 5,0 млн. сом флюорографты сатып алуу үчүн.

Жабдууларды сатып алууга жүргүзүлгөн тендердин негизинде кызмат көрсөтүүчүлөр менен келишимдер түзүлгөн:

- Р.Т. Бауэр атындагы Жалал-Абад облустук кургак учук менен күрөшүү борбору 4975,0 миң сомго;
- Чаткал райондук Жалпы дарыгерлер тажрыйбалык борбору 4725,0 миң сомго;
- Чоң Алай райондук Жалпы дарыгерлер тажрыйбалык борбору 3359,9 миң сомго;
- Кочкор райондук Үй-бүлөлүк медицина борбору 4988,0 миң сомго.

Саламаттык сактоону өнүктүрүү фондунун пайдаланылбаган каражаттарынын калдыгы 1952,1 миң сомду түздү.

Саламаттык сактоо жана милдеттүү медициналык камсыздандыруу боюнча Байкоочу кеңештин 2017-жылдын 15-декабрындагы чечими менен, Премьер-министр С.Дж. Исаковдун Чүй облусуна болгон иш сапарынын жыйынтыгы боюнча Иш-чаралар планынын 2-пункттун аткарууда, 2017-жылдын 18-декабрындагы Байкоочу кеңештин чечимине Саламаттык сактоону өнүктүрүү фондунун каражаттарынан Ысык-Ата аймактык ооруканасына лифтти сатып алуу жана орнотууга 1,6 млн. сом суммасында кошумча каражаттарды бөлүү тууралуу толуктоо киргизилген.

Жүргүзүлгөн тендердин негизинде Ысык-Ата аймактык ооруканасы 1480,0 миң сомго жабдууну сатып алууга келишим түзгөн.

Саламаттык сактоону өнүктүрүү фондунун пайдаланылбаган каражаттарынын калдыгы 2018-жылды 1-январына карата 472,1 миң сомду түздү.

Аудиттин жүрүшүндө максаттуу багыттар боюнча бөлүнгөн каражаттарды пайдалануу боюнча берилген документтердин негизинде төмөнкүлөр аныкталды:

Бардык учурларда рентген аппараттары жана ар кандай баадагы жана техникалык мүмкүнчүлүктөгү коштоп жүрүүчү жабдуулар сатылып алынган, бул бөлүнгөн каражаттардын рационалдуу эмес пайдаланылгандыгынан кабар берет.

Байкоочу кеңештин чечими боюнча каражаттарды бөлүүдө, Саламаттык сактоо министрлигинен боло турган сатып алууларга негиздеме талап кылынган эмес жана алдын ала мониторинг жүргүзүлбөгөн, бул жабдууга болгон муктаждыкка талдоо жүргүзүлгөн эмес, тейленүүчү калктын саны эске алынбаган, калктын саны аз болгон эл жашаган пункттарга мындай жабдууну орнотуунун максаттуулугуна, бул жабдуунун өзүн өзү актай ала тургандыгына жана жалпы эле мамлекеттик каражаттардын натыйжалуу пайдаланылышына талдоо жүргүзүлгөн эмес. Тигил же бул калктуу пункт үчүн мындай жабдууну сатып алуунун максаттуулугу жөнүндө алдын ала адистердин корутундусу жок.

«Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 14-беренесинин 3-пунктуна ылайык, *«Сатып алуучу уюмда жумуштарды жана кызматтарды сатып алууда конкурстук документтер иштелип чыкканга чейин сатып алуунун зарылдыгына техникалык-экономикалык негиздеме же долбоордук-сметалык документация, же сатып алуу предмети кеңири сүрөттөлгөн документация болушу керек».*

Бирок, иш жүзүндө рентген аппараттарын сатып алган бир да мекемеде техникалык-экономикалык негиздеме жок.

«Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 10-беренесинин 7-пунктуна ылайык эгерде бир нече мекеме бир эле товарды мамлекеттик сатып алууну ишке ашыра турган болсо, анда Кыргыз Республикасынын Өкмөтү ушул сатып алуучу уюмдардын атынан сатып алууну ишке ашыра турган уюмду жана сатып алуу тартибин

аныктайт. Байкоочу кеңеш тарабынан каражаттарды бөлүүдө, КР Мыйзамынын ушул пункту эске алынган эмес.

Ысык-Ата аймактык ооруканасы боюнча жүргүзүлгөн тендердин негизинде 2017-жылдын 22-декабрында «Эко Лифт» ЖЧКсы менен лифт жабдуусун ташып келүү жана куроого жалпы суммасы 1480,0 миң сомго № 5/17 келишим түзүлгөн.

Ысык-Ата аймактык ооруканасы 2017-жылдын 29-декабрындагы №207 төлөм тапшырмасы боюнча «Эко Лифт» ЖЧКсына келишимде көрсөтүлгөн 1480,0 миң сом суммасында каражатты толугу менен которгон. Бирок 2018-жылдын 1-августуна карата лифт орнотулган эмес жана аткарылган ишти кабыл алуу актысы жок. Ар бир кечиктирилген күн үчүн 0,01 % өлчөмүндө туум төлөнүшү керек. Аудиттин жүрүшүндө 2018-жылдын 23-мартынан 1-августуна чейин 124 күн үчүн, «Эко Лифт» ЖЧКсына **19,8 миң сом туум** чегерилди, бул сумманы «Эко Лифт» ЖЧКсынан кармап, бюджетке чегерүү керек.

Келишимдин 5-бөлүгүнүн 5.3-пунктуна ылайык, товарды ташып келүүнү 30 жумуш күндөн ашык кармаган учурда сатып алуучу жабдуудан баш тартууга жана төлөнгөн сумманы кайра кайтарууну талап кылууга акысы бар. Түзүлгөн кырдаалда Ысык-Ата аймактык ооруканасы келишимди бир тараптуу бузууга укугу бар.

Жогоруда көрсөтүлгөн бардык сатып алуулар жогору турган органдар тарабынан контролдун жоктугун көрсөтүп турат, бул учурда Саламаттык сактоо министрлиги саясатты аныктоочу орган катары жана саламаттык сактоо уюмдарынын материалдык-техникасын контролдоочу орган катары, ошондой эле жогоруда аталган уюмдардын Уюмдаштыруучусу катары бөлүнгөн каражаттардын натыйжалуу жана максаттуу пайдаланылышына көзөмөл жүргүзүшү керек эле.

ММК фонду тарабынан да бул сатып алууларга техникалык-экономикалык негиздеме боюнча корутунду жок туруп, каражаттар бөлүнгөн жана алардын андан ары пайдаланылышына көзөмөл жүргүзүлгөн эмес.

## Саламаттык сактоо уюмдары тарабынан кошумча төлөм каражаттарынын пайдаланышына жүргүзүлгөн аудит

Кыргыз Республикасынын 2005-жылдын 9-январындагы № 6 «Кыргыз Республикасында жарандардын саламаттыгын сактоо жөнүндө» Мыйзамынын 58-беренесине ылайык, калк Мамлекеттик кепилдиктер программасын каржылоонун көлөмүнөн ашык көрсөтүлгөн саламаттык сактоо уюмдарынын медициналык кызматтарына акы төлөөгө катышат.

«Кыргыз Республикасында жарандардын саламаттыгын сактоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарына ылайык, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 25-сентябрындагы №645 токтому менен бекитилген, Кыргыз Республикасынын жарандарын медициналык-санитардык жардам менен камсыздоонун Мамлекеттик

кепилдиктер программасы боюнча, саламаттык сактоо уюмдары көрсөткөн медициналык кызматтар үчүн кошумча төлөм жөнүндө Жобо менен, кошумча төлөм каражаттары төмөнкүлөргө багытталат:

- медикаменттерди сатып алууга;

- медициналык багыттагы буюмдарды, чыгышталуучу материалдарды, химиялык реактивдерди, диагностикалык жана лабораториялык изилдөөлөрдү жүргүзүү үчүн реагенттерди, жугушсуздандыруучу жана жууп тазалоочу каражаттарды сатып алууга;

- дарылоо - дартты аныктоо процессинде колдонулуучу жабдыктарды (приборлорду) оңдоого жана алдын-ала тейлөөгө;

- тамак-аш азыктарын сатып алууга.

2017-жылы Казыналыктын кассалык чыгымдары боюнча 483983,9 миң сом кошумча төлөм каражаттары келип түшкөн, такталган пландагы сумма 544195,0 миң сом болгон же 60211,1 миң сомго аз. Келип түшкөн кирешеден башка чегерүүлөр же кошумча төлөм каражаттарын кайтаруу 3763,7 миң сомду түздү.

Саламаттык сактоо уюмдары тарабынан кошумча төлөм боюнча жүргүзүлгөн чыгымдар 2017-жылга карата Казыналыктын кассалык чыгымдары боюнча 452619,7 миң сомду түздү, такталган план 583214,2 миң сом же 130594,5 миң сомго аз. Чыгымдар төмөнкүлөргө жумшалган:

- эмгек акы төлөөгө 7463,4 миң сом, иш жүзүндө 7464,4 миң сом, мунун өзү кошумча төлөм каражаттарын максатсыз пайдалануу болуп эсептелет;

- Социалдык фондго чегерүүлөр 1288,6 миң сом, мунун өзү кошумча төлөм каражаттарын максатсыз пайдалануу болуп эсептелет.

- 313,1 миң сомду тейлөөчү коммерциялык банктардын кызматтарына акы төлөөгө багыттоо, бул кошумча төлөмдү максатсыз пайдалануу болуп эсептелет.

КР Өкмөтүнө караштуу ММК фондунун 2017-жылга карата отчеттук маалыматтарына ылайык, «Кыргыз Республикасында жарандардын саламаттыгын сактоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 25-сентябрындагы №645 токтому менен бекитилген, Кыргыз Республикасынын жарандарын медициналык-санитардык жардам менен камсыздоонун Мамлекеттик кепилдиктердин Программасы боюнча саламаттык сактоо уюмдары көрсөткөн медициналык кызматтар үчүн кошумча төлөм жөнүндө Жобону бузуу менен, кошумча төлөм каражаттарынан саламаттык сактоо уюмдары тарабынан жогоруда аталган ченемдик документтерде каралбаган **9065,1** миң сом суммада чыгымдоо жүргүзүлгөн.

**Атайын эсептер боюнча каражаттардын пайдаланылышына жүргүзүлгөн аудит**

Саламаттык сактоо уюмдарынын атайын каражаттарынын пайдаланылбаган калдыгы 2017-жылдын 1-январына карата 95842,3 миң сомду түздү.

2017-жылга казыналык боюнча келип түшкөн киреше 930770,8 миң сомду түздү, анын ичинде бюдежттин киреше бөлүгүнө 8145,6 миң сом чегерилди жана башка чегерүүлөр 141692,9 миң сомду түздү. Атайын каражаттар боюнча чыгаша бөлүгү 2017-жылы 736434,1 миң сомго аткарылды.

2018-жылдын 1-январына карата каражаттардын пайдаланылбаган калдыгы 140340,5 миң сомду түздү.

**Бирдиктүү төлөөчү тутумунда иштеген саламаттык сактоо уюмдарынын штаттык санын түзүүгө жана комплекттөөгө жүргүзүлгөн аудит**

Бирдиктүү төлөөчү тутумунда бюджеттер каржылоо ченемдеринин, катталган калктын санынын жана дарыланып чыккан учурдун негизинде түзүлөт, ошол эле учурда стационардык саламаттык сактоо уюмдарынын медициналык жана башка персоналынын саны жана контингенти боюнча штаттык санды түзүү тартибин жөнгө салуучу ченемдик документ жок. Бирдиктүү төлөөчү тутумунда иштеген саламаттык сактоо уюмдары кызматтардын санын жана сапатын түзүүнү эмгек акы фондунун чегинде, катталган калктын жана дарыланып чыккан учурдун санын эске алуу менен, Саламаттык сактоо министрлиги менен макулдашуунун негизинде өз алдынча түзүшөт.

Алсак, 2017-жылдын жыйынтыгы боюнча Бирдиктүү төлөөчү тутумунда иштеген саламаттык сактоо уюмдарында штаттык бирдиктердин жалпы саны 66 100,25 бирдикти түздү, анын ичинде: врачтар (башкы врачтарды эсепке алганда) - 12 931,75 бирдик, орто медициналык персонал - 28 640,75 бирдик, кенже медициналык персонал - 13 717,25 бирдик, башка персонал 10 810,5 бирдикти түздү.

Бекитилген штаттар боюнча кадрлар менен комплектелишине жана иш жүзүндө ээленген кызматтарга талдоо жүргүзүү көрсөткөндөй, жалпысынан бардык саламаттык сактоо уюмдары боюнча 2017-жылга карата бекитилген штаттык саны 70 019,0 бирдикти түздү, анын ичинде: 66 100,25 бирдик же бекитилген сандын 94,4 %ы ээленген, ээленген кызматтарда иш жүзүндө 57 709,0 адам иштейт. 3 918,75 бирдик же 5,9 % бош кызмат орду, бош кызмат орундары акыркы бир нече жылдар бою сакталып келет, мунун өзү штаттык бирдиктердин ашыкча экендигин көрсөтүп турат. Эң көп бош орундар Бишкек шаарынын саламаттык сактоо уюмдарында кездешет - 2474,5 бирдик (14,8 %), Чүй облусунда - 397,75 бирдик (5,3 %), Талас облусунда - 135,75 бирдик (5,1 %), Ысык-Көл облусунда - 167,75 бирдик (3,7 %), Ош облусунда - 379,50 бирдик (2,3 %) жана Жалал-Абад облусунда - 228,25 бирдик (2,0 %).

Бош кызмат орундарынын пайда болушунун негизги себептери, саламаттык сактоо уюмдарынын жетекчилеринин эмгек акы фондунун көлөмүн жогорулатууга умтулуусу жана муну менен ЭКК (эмгекке катышуу коэффициенти) аркылуу бөлүштүрүлүүчү кошумча эмгек акы фондун түзүү. Бул багытта саламаттык сактоо уюмдарынын шаттык санын оптималдаштыруу боюнча ченемдик-укуктук актыны кабыл алуу керек.

## ММК фондунун бириктирилген бюджетинен эмгек акы фондуна жүргүзүлгөн аудит

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 26-майындагы №246 «Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо системасынын кызматкерлеринин эмгегине акы төлөө жөнүндө жобону бекитүү тууралуу» токтому менен жаңы киргизилген базалык маяналарга ылайык, саламаттык сактоо системасынын кызматкерлерине эмгек акыны эсептөөнүн жана төлөөнүн тартиби бекитилген.

Ошондой эле, Жободо Эмгекке катышуу коэффициентине аныктама берилген, Эмгекке катышуу коэффициенти - **эмгек акыны жамааттык төлөгөндө** колдонулган ар бир кызматкердин жалпы жыйынтыкка кошкон салымынын саны жана сапаты жагынан жалпылап баалоо, жамааттык эмгекте пайдаланылат.

Бирок, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык саламаттык сактоо кызматкерлеринин эмгегине акы төлөө, кызматтардын ар бир категориясы боюнча жекече аныкталат: административдик-башкаруу персоналы, врачтар, орто медперсонал, кенже персонал жана тейлөөчү персонал.

Ошентип, Саламаттык сактоо кызматкерлерине эмгек акы төлөө боюнча бир дагы ченемдик документте эмгек акы төлөөнүн жамааттык формасы каралган эмес.

Бул аныктама саламаттык сактоо уюмдары тарабынан бириктирилген бюджеттин эмгек акы фондун пландоосуна жана чыгымдоосуна шайкеш келбейт, же эмгек акы фондун пландоодо республикалык бюджеттен каралган каражаттар гана эске алынат. ММК каражаттары жана атайын каражаттар бириктирилген бюджетке киргизилгендигине жана кошумча эмгек акы катары бекитилгендигине карабастан. Белгилей кетүү керек, КРнын эмгек боюнча мыйзамдарында кошумча эмгек акы түшүнүгү жок.

Калкка баштапкы медициналык-санитардык жардам көрсөтүүнүн сапатын жакшыртуу максатында, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин 2010-жылдын 29-декабрындагы №653 буйругу менен, Үй-бүлөлүк медицина борборунун медициналык жана башка персоналынын убактылуу штаттык ченемдери бекитилген, анда калктын аныкталган санына адистиктер боюнча врач кызматынын ченемдери белгиленген. Ошол эле учурда ММК фонду тарабынан бириктирилген бюджеттин эмгек акы фондун натыйжалуу жана сарамжалдуу пайдалануу максатында, Саламаттык сактоо министрлигинен 2011-жылдан тартып

Үй-бүлөлүк медицина борборунун медициналык жана башка персоналынын такталган жана бекитилген штаттык ченемдери талап кылынган эмес, бул өз кезегинде саламаттык сактоо уюмдары тарабынан бириктирилген бюджеттин каражаттарын бир кыйла так жана туура пландаштырууга жана чыгымдоого мүмкүндүк бермек.

Аудиттин жүрүшүндө белгилүү болгондой, Бирдиктүү төлөөчү тутумуна кирген саламаттык сактоо уюмдарында 2017-жылы врачтын, орто медициналык персоналдын жана башка персоналдын бош кызмат орундары штаттык бирдиктердин бекитилген санынан 4,5%дан 14,8%га чейин жетет, мунун өзү каражаттарды жасалма сарамжалдоого алып келет, кийин бул каражаттар кошумча эмгек акы катары медициналык кызматкерлердин ортосунда бөлүштүрүлөт.

Натыйжада, 2017-жылы бириктирилген фонддун каражаттарынын эсебинен иштеген медициналык персоналга кошумча эмгек акы катары **946469,9 миң сом** чегерилген жана төлөнгөн же бул 6878751,6 миң сом суммасындагы чегерилген эмгек акынын 13,76 %ын түзөт, анын ичинде: республикалык бюджеттен – 115264,9 миң сом, ММК фондунун каражаттары – 610349,0 миң сом, кошумча төлөм каражаттары – 7463,4 миң сом жана атайын каражаттар - 213392,6 миң сом. Социалдык фондго чегерүүлөр **163266,0** миң сомду түздү. Бардыгы эки берене боюнча чыгымдар **1109735,9** миң сомду түздү.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1999-жылдын 26-июлундагы №408 токтомуна ылайык (КР Өкмөтүнүн 2012-жылдын 27-сентябрындагы №656 редакциясында), сый акыларды төлөөдө каралган критерийлер, ошол эле критерийлер кошумча эмгек акыны төлөөнүн критерийлери да болуп эсептелет жана ошого ылайык кошумча эмгек акы төлөөнү ченемдик нукка салуу керек.

Ошондой эле белгилей кетүү керек, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому менен бекитилген, Эмгек акы боюнча сый акылардын тизмесинде «кошумча эмгек акы» деп аталган түшүнүк жок. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн аталган токтому Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 152-беренесине ылайык иштелип чыккан.

Саламаттык сактоо кызматкерлеринин 100% өлчөмүндө кепилденген эмгек акылары, республикалык бюджетке киргизилгендигин, белгилей кетүү керек.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 10-июлундагы №480 токтому менен КР Өкмөтүнүн 2011-жылдын 23-августундагы № 489 «Социалдык чөйрөдө иштеген техникалык жана кенже тейлөөчү персоналдын кызматтык маяналарын бекитүү жөнүндө» токтомуна өзгөртүүлөр киргизилген, анда социалдык чөйрөдө иштеген техникалык жана кенже тейлөөчү персоналдын кызматтык маяналарына төмөнкү өлчөмдө коэффициенттер бекитилген:

- 2015-жылдын 1-сентябрынан тартып – 1,2;
- 2016 -жылдын 1-сентябрынан тартып – 1,35;

- 2017 -жылдын 1-сентябрынан тартып – 1,5.

ММК фонду тарабынан саламаттыкты сактоо мекемелерине кызматтык маянаны жогорулатпай, айырма сумманы айлык акыга кошумча коэффициент катары колдонуу билдирилген, же болбосо бул көрсөтмө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1999-жылдын 26-июлундагы №408 токтомуна каршы келет.

## Электр, жылуулук энергиясын пайдалануунун лимиттеринин сакталышына жүргүзүлгөн аудит

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 4-апрелиндеги №140-б «2016-2017-жылдарга карата Кыргыз Республикасынын бюджеттик мекемелери үчүн электр, жылуулук энергиясын, жаратылыш газын пайдалануунун лимиттерин бекитүү жөнүндө» буйругунун жана Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун 2017-жылдын 6-декабрындагы №337 буйругунун талаптарын бузуу менен, Бирдиктүү төлөөчү тутумунда иштеген саламаттык сактоо уюмдары тарабынан электр энергиясын чыгымдоо бекитилген лимиттен 3862,0 миң кВт/саатка ашык жана жылуулук энергиясы на 1980,4 ми г.Калл.га ашык чыгымдалган.

ММК фондунун аймактык башкармалыктары тарабынан саламаттык сактоо уюмдарынын электр энергиясын колдонуусуна жетишүү талдоо жүргүзүлбөгөндүктөн, лимиттин сакталбашына алып келген. 2017-жылдын аягында Бирдиктүү төлөөчү тутумунда иштеген саламаттык сактоо уюмдары боюнча электр энергиясы боюнча дебитордук карыз 6025,9 миң сомду, кредитордук карыз - 14106,5 миң сомду, жылуулук энергиясы боюнча дебитордук карыз - 2405,5 миң сомду, кредитордук карыз - 13131,7 миң сомду түзгөн.

## Алынган насыялардын, гранттардын, субсидиялардын максаттуу жана натыйжалуу пайдаланылышына жана алардын кайтарымдуулугуна жүргүзүлгөн аудит

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 17-январында №10-б буйругун ишке ашыруу максатында, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги менен ММК фондунун 2017-жылдын 3-апрелиндеги № 269, № 87 «Ысык-Көл облусунун саламаттык сактоо уюмдарында БМСЖКны жыйынтыктарга негизделген каржылоо механизмин киргизүү жөнүндө» биргелешкен буйругу чыккан жана Саламаттык сактоо жана милдеттүү медициналык камсыздандыруу боюнча Байкоочу кеңештин 2017-жылдын 18-октябрындагы чечимин жүзөгө ашыруунун алкагында, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду тарабынан 2017-жылдын 28-октябрында № 288 «Милдеттүү медициналык камсыздандыруу каражаттарынан Ысык-Көл облусунун пилоттук саламаттык сактоо уюмдарына жыйынтыктарга негизделген каржылоого каражаттарды бөлүү жөнүндө» буйругу чыккан, анда милдеттүү медициналык камсыздандыруу каражаттарынан Ысык-Көл

облусунун Тоң, Түп жана Жети-Өгүз райондорунун баштапкы медициналык-санитардык жардам көрсөтүүчү пилоттук саламаттык сактоо уюмдарын, жыйынтыктарга негизделген каржылоого 3000,0 миң сом өлчөмүндө каражат бөлүү тууралуу көрсөтмө болгон.

Баштапкы каржылоо 2016-жылдын 3-4-кварталы үчүн «Саламаттык сактоо уюмдарынын автономиясы» долбоорунун каражаттарынын эсебинен жүргүзүлгөн. Долбоордун эсептөөлөрүнүн негизинде, 2017-жылдын 25-майында 1176,5 миң сом суммасындагы каражатка №1 тескеме даярдалган.

Милдеттүү медициналык камсыздандыруу каражаттарынан **2698,3** миң сомго каржылоо жүргүзүлгөн. 2017-жылдын 29-ноябрындагы №2 тескеме боюнча – 1547,3 миң сомго, 2017-жылдын 7-декабрындагы №3 тескеме боюнча – 1151,0 сомго каржылоо жүргүзүлгөн.

## ММК фондунун Борбордук аппараты

### Административдик чыгымдар сметасын түзүү жана аткаруу

«Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2017-жылга бюджети жана 2018-2019-жылдарга божомолу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 2017-жылдын 1-мартындагы №39 мыйзамынын редакциясына ылайык, Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун 2017-жылга бюджети 2167451,6 миң сом суммасында бекитилген. Анын ичинде: медициналык кызматтарды каржылоого 2006451,6 миң сом, административдик чыгымдарга - 130000,0 миң сом, маалыматтык камсыздоого - 11000,0 миң сом жана Саламаттык сактоону өнүктүрүү фондуна - 20000,0 миң сом каралган.

ММК фонду тарабынан административдик чыгымдарга бөлүнгөн каражаттарды чыгымдоонун тартиби иштелип чыккан эмес. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондун каржылоого 2017-жылга карата 130000,0 миң сом суммасында ММК фондунун төрагасы М.Т. Калиев тарабынан бекитилген, анын ичинде ММК фондунун борбордук аппаратын каржылоого смета 47235,7 миң сом суммасында, 2017-жылга карата ММК фондунун борбордук аппаратын каржылоого такталган смета 43787,3 миң сомду түздү же 3448,4 миң сомго азайтылып, баштапкы сметадан 7,3 %га аз болгон, ММК фондунун аймактык башкармалыктарын каржылоого чыгашалар сметасы 82764,3 миң сом суммасында бекитилген, ММК фондунун аймактык башкармалыктарын каржылоого такталган чыгашалар сметасы 86212,7 миң сомду түзүп, 3448,4 миң сомго көбөйтүлгөн.

№2 отчеттук формадагы «Мекеменин чыгашалар сметасын аткаруу боюнча отчет» боюнча 2017-жылга ММК фондунун борбордук аппаратынын чыгашалар сметасы боюнча, 2216 «Саламаттык сактоо системасында бирдиктүү берене менен берилген чыгымдар» беренеси боюнча 43787,3 миң сомго такталды. 2017-жылга карата кассалык чыгымдар 40852,8 миң сомду түздү, ал эми иш жүзүндө чыгымдар 40769,0 миң сомду түзгөн.

## ММК фондунун борбордук аппараты боюнча эмгек акы фондуна аудит жүргүзүү

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 9-октябрындагы № 689 токтому менен КР Өкмөтүнүн 2011-жылдын 22-августундагы № 473 «Кыргыз Республикасынын министрликтеринин, ведомстволорунун жана мамлекеттик органдарынын штаттык санынын чеги жөнүндө» токтомго өзгөртүү киргизилген, анда ММК фондунун штаттык санынын чеги 16 штаттык бирдикке көбөйүп, 198 штаттык бирдикке жеткен, анын ичинде: борбордук аппаратта 65 штаттык бирдик жана аймактык башкармалыктарда 133.

Белгилей кетүү керек, ММК фондунун аймактык башкармалыктарында негизги курамдын штаттык саны калктын санын эске албастан түзүлгөн, демек, иштин көлөмүн эске албастан түзүлгөн. ММК фондунун Талас аймактык башкармалыгында негизги курамдын штаттык саны 14 бирдик, ММК фондунун Баткен аймактык башкармалыгында негизги курамдын штаттык саны 14 бирдик, ММК фондунун Ош аймактык башкармалыгында 18 бирдик, ММК фондунун Бишкек аймактык башкармалыгында 24 бирдик, ММК фондунун Нарын аймактык башкармалыгында 14 бирдик, ММК фондунун Ысык-Көл аймактык башкармалыгында 14 бирдик, ММК фондунун Чүй аймактык башкармалыгында 17 бирдик ММК фондунун Жалал-Абад аймактык башкармалыгында 18 бирдик.

КР Өкмөтүнө караштуу ММК фондунун борбордук аппаратынын негизги курамынын штаттык ырааттамасы ММК фондунун төрагасы тарабынан 65 бирдик, тейлөөчү персоналдыкы 13 бирдик жана ММК фондунун аймактык башкармалыктары боюнча негизги курам 133 бирдик, тейлөөчү персонал 72 бирдик болуп бекитилген.

ММК фондунун борбордук аппаратынын штаттык санын түзүүдө, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 22-августундагы №473 токтомуна ылайык мамлекеттик кызматтардын ченемдик түзүмү сакталган эмес.

Анын натыйжасында, ММК фондунун аймактык башкармалыктарында бекитилген штаттык саны 2017-жылга карата эмгек акы фондунан **3455,7** миң сомду ашыкча чыгымдоого алып келген, анын ичинде Соцфондго чегерүүлөр – 569,7 миң сом.

2017-жылы эмгек акы фонду боюнча чегерүүлөрдүн жалпы суммасы 27551,2 миң сомду түздү, анын ичинде:

- кварталдык сый акылар - 4627,1 миң сом;
- майрамга карата сый акылар - 4219,8 миң сом;
- 2017-жылдын жыйынтыгы боюнча сый акылар - 2018,3 миң сом;
- эмгек өргүүгө карата ден соолугун чыңдоого 2 айлык жөлөк пул – 2165,3 миң сом.

ММК фонду тарабынан баштапкы пландаштырууда эле сметага ашыкча каражаттар каралат: ММК фондунун борбордук аппаратынын чыгашаларынан 3112 «Машиналар жана жабдуулар» беренесинен **3289,9** миң

сом азайтылып, ММК фондунун аймактык башкармалыктарынын айлык акы фондусун көбөйтүүгө жумшалган.

## Ички аудит башкармалыгы

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун Ички аудит башкармалыгы жөнүндө жобо ММК фондунун 2015-жылдын 22-апрелиндеги №91 буйругу менен бекитилген.

Штаттык ырааттама боюнча Ички аудит башкармалыгында 9 адам иштейт. Башкармалыкты КР Өкмөтүнө караштуу ММК фондунун төрагасы тарабынан дайындалуучу жана ал тарабынан кызматтан бошотулуучу башчы жетектейт.

Жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыгы боюнча 61391,2 миң сом суммасында финансалык тартип бузуулар аныкталган.

Саламаттык сактоо уюмдары боюнча аудиттин жыйынтыктары 2010-жылдын 18-августундагы «Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун ортосундагы өз ара биргелешип аракеттенишүү жөнүндө» Макулдашууга ылайык, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин кароосуна берилген. Жогорудагы Макулдашуу 2012-жылы Саламаттык сактоо министрлиги жана ММК фонду жөнүндө жаңы Жоболордун бекитилишине байланыштуу кайрадан каралышы керек.

Ички аудит башкармалыгы КР Өкмөтүнө караштуу ММК фондунун ички тобокелдиктерине жетиштүү деңгээлде көңүл бурбайт.

## ММК фондунун Баткен аймактык башкармалыгы

2017-жылы командировкалык чыгымдарды төлөөдө 2,4 миң сом ашыкча чыгымдалган. Бул ашыкча төлөөлөр башкармалыктын кассасына төлөнүп ордуна коюлду.

## ММК Фондунун Чүй аймактык башкармалыгы

Аудит жүргүзүүдө 5161,4 мин сомдук бюджеттик жоготуулар аныкталды.

Чүй областынын Кемин жана Панфилов райондорунда жайгашкан саламаттыкты сактоо мекемелериндеги административдик башкаруу кызматкерлеринин кармалган штаттык сандарын салыштырып талдоо жүргүзүү көрсөткөндөй, Панфилов районунда 47,8 миң калкты медициналык жактан тейлөөгө 1 Жалпы врачтык практикалык борбор иштейт. Ал эми Кемин районунда 49,7 миң калкты тейлөө үчүн, 4 саламаттыкты сактоо мекемелери ачылган. Алар: Кемин райондук оорукана, Кемин үй-бүлөлүк медициналык борбору, Орловка айлындагы Жалпы врачтык практикалык борбор жана Кемин тиш дарылоо бейтапканасы.

Бул 4 саламаттыкты сактоо мекемелеринде 4 директор, директордун 4 орун басарлары, 4 башкы бухгалтер жана башкалар иштешет, же болбосо Панфилов районундагы административдик башкаруу кызматкерлеринин санынан алда канча көп штаттык бирдиктер кармалган.

Жыйынтыгында, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 26-майындагы № 246 токтому менен бекитилген, «Кыргыз Республикасынын саламаттыкты сактоо кызматкерлеринин эмгек акысы жөнүндөгү» Жобосуна ылайык, Кемин районунда саламаттыкты сактоо мекемелериндеги административдик башкаруу кызматкерлерине Панфилов районундагы саламаттыкты сактоо мекемесине салыштырмалуу 5161,4 миң сом көп жумшалган. Ошол эле убакытта 5161,4 миң сом акча каражаттарын дары-дармектерди, тамак-аш азык-түлүктөрүн, медициналык жабдууларды сатып алууга жана ошондой эле бересе карыздарын төлөөгө пайдаланууга мүмкүнчүлүк болгон.

### ММК Фондунун Жалал-Абад аймактык башкармалыгы

Аудит жүргүзүүдө ижара акысын эсептөөдө, 104,5 миң сомдук ижара акысын кошумча төлөө фактысы аныкталды. Бюджетке которулган эмес.

### Бирдиктүү төлөөчү тутумунда иштеген саламаттык сактоо уюмдарына жүргүзүлгөн аудит боюнча

Бирдиктүү төлөөчү тутумундагы 178 саламаттык сактоо уюмдарга аудит жүргүзүлгөн, анын жыйынтыктары боюнча төмөндөгүлөр аныкталган:

**27768,1 миң сомго каржы бузуулары,** анын ичинен:

- Акча каражаттарынан жана товардык-материалдык баалуулуктардан жетишпестиктер жана кем чыгуулар – **7757,1 миң сом**;
- Каражаттарды чыгымдоодо бузуулар жана кемчилдиктер – **17705,1 миң сом** суммасында, анын ичинен:

- эмгек акыларды негизсиз төлөө – 8678,2 миң сом;

- акча каражаттарын, материалдык баалууктарды негисиз эсептен чыгаруу – 498,3 миң сом;

- Казыналыктын тутумунан кыйгап өтүү менен, пайдаланылган каражаттар - 141,8 миң сом;

- курулуш-куроо иштеринин көлөмүн негизсиз көбөйтүү – 1970,3 миң сом;

- дебитордук карызды эсепке алуу боюнча жашыруулар жана ашырылган кредитордук карыздар – 6416,5 миң сом.

- Бюджетке кошумча кошуп эсептелген кирешелер **2263,3 миң сом** суммасын түздү.
- Социалдык фондунун бюджетине кошумча кошуп эсептелген кирешелер **42,6 миң сом** суммасын түздү.

Аныкталган каржы бузуулардын жалпы суммасынан 19139,8 миң сом ордуна коюлууга тийиш, анын ичинен ордуна коюлганы 2820,5 миң сомду түздү.

**8984,6 миң сом суммасында бюджеттин резервдери жана жоготуулары аныкталган,** анын ичинен:

- товардык-материалдык баалуулуктардын ченемден ашык чыгымдары – 5938,1 миң сом;
- бюджеттик мекемелерди ашыкча каржылоо – 434,3 миң сом;
- эмгек акыларды төлөөдөгү бузуулар – 1149,7 миң сом;
- башка бюджеттин резервдери жана жоготуулары – 1462,5 миң сом.

**247,9 миң сом суммасында рационалдуу эмес пайдаланылган каражаттар аныкталган,** анын ичинен мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүдөгү бузуулар **–** 247,9 миң сом.

Бирдиктүү төлөөчү тутумунда иштеген саламаттык сактоо уюмдарына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча маалымат тиркелет.

***Мындан тышкары, аудит тарабынан төмөнкүлөр аныкталды:***

**Улуттук госпиталда** 2017-жылга бекитилген тарификациялык тизме боюнча түнкү, майрамдык күндөр үчүн үстөк акылардын эсеби менен эмгек акы фонду 172289,5 миң сомду түздү. Баштапкы бекитилген эмгек акы фонду 172639,5 миң сом же негизсиз ЭАФна документтерди кайра тигип чыгуу кызматына 350,0 миң сом каралган.

Улуттук госпиталдын №1 реанимация бөлүмүндө жаткан оорулууларды дары-дармек менен толук камсыз кылуу маселеси боюнча ооруулардын тарыхтарын тандоо жолу менен жүргүзүлгөн аудиттин негизинде, оорулуулар өздөрү дары-дармек (нутрикам, цефакон, ниматол, панкреотин, Витамин В1, нейромедин, берлитион, глиатилин, кладогрил ж.б.) сатып алгандыгы аныкталган.

“Шашылыш консультативдик медициналык жардам бөлүмүнүн” Жобосуна ылайык, бөлүмдүн түзүмүндө медициналык кызматкерлер менен бирге сыртка чыгуу бригадалардын айдоочу кызматы дагы каралат, Улуттук госпиталь муну аткарган эмес. Анткени Улуттук госпиталь Шашылыш консультативдик медициналык жардам бөлүмүнүн функциясын толук аткаруу үчүн, өзүнүн балансында адистештирилген санитардык автотранспорт каражаты жок.

Ушуга байланыштуу, Улуттук госпиталь Саламаттык сактоо министрлигинин Автобазасынын адистештирилген санитардык автотранспорт каражатынын кызматын колдонушат.

2017-жылы көрсөтүлгөн транспорттук кызматтарга Улуттук госпиталдын казыналыктагы бюджеттик эсебинен Саламаттык сактоо министрлигинин Автобазасынын эсебине 10723,5 миң сом которулуп берилген.

**Ысык-Ата райондук Үй-бүлөлүк медицина борборунда** 01.01.2014-жылдан тартып 31.03.2017-жылга чейинки аралыкта ММК фондунун Ички аудит башкармалыгы тарабынан жүргүзүлгөн аудиттин натыйжасында, негизсиз жалпы суммасы 4406,0 миң сомго квалификациялык категория үчүн ашыкча үстөк акы эсептелинип төлөнгөндүгү аныкталган. Бул ашык төлөмдөн азыркы аудиттин бүтүп жаткан кезине карата кызматкерлерден

3242,6 миң сом ордуна келтирилген же 1163,4 миң сом ордуна келтириле элек.

**Хирургия жана органдарды трансплантациялоо илимий изилдөө институтунда** (мындан ары – Институт) 2018-жылдын 25-июнуна карата жарамдуулук мезгили бүткөн 2011-жылы жогорку технологиялык фонд линиясы менен түшкөн 1553,8 миң сомдук медициналык багыттагы буюмдар болгон. Медициналык багыттагы буюмдардын 7 аталышы боюнча жарамдуулук мезгили 2012-2014-жылдары бүткөн.

Институттун алдында "Дипломдон кийинки билим берүү жана илимий изилдөөлөр Борбору" мекемеси иштейт. Институттун Уставына ылайык, бул Борбор Институттун юридикалык өз алдынча түзүмдүк чарба жүргүзүүчү түзүмү болуп эсептелет. Муну менен бирге, Институт бюджеттик мекеме катары өз алдынча чарба жүргүзүүчү түзүм кармоого акысы жок. Бул Борбор Институттун имаратында жайгашкан.

**Чүй облассттык бириктирилген ооруканада** 2 автомашина ушул кезге чейин, МККнын мамлекеттик органы аркылуу белгиленген тартипте, Чүй облассттык бириктирилген оорукананын каттоосуна, мурунку ээлеринен каттоосунан кайрадан каттоо жүргүзүлгөн эмес.

Аудиттелген мезгилге карата, оорулуулар өз алдынча кетип калуудан жана кошуп төлөөлөрдөн баш тартуудан улам, кирешелер жеткире түшкөн эмес. Алсак, Улуттук хирургия борборунда – 3263,3 миң сом суммасында, Республикалык клиникалык жугуштуу оорулар ооруканасында - 450,7 миң сом суммасында, Бишкек травматология жана ортопедия илимий-изилдөө борборунда - 440,0 миң сом суммасында, Сокулук аймактык ооруканасында - 91,1 миң сом суммасында, Кызыл-Кыя аймактык ооруканасында - 254,7 миң сом суммасында кирешелер жеткире түшкөн эмес.

Төмөндөгү саламаттык сактоо уюмдарында кезектеги жана капиталдык оңдоолорго каражаттардын пайдаланылышына жүргүзүлгөн аудит тарабынан, Улуттук госпиталда, Республикалык клиникалык жугуштуу оорулар ооруканасында, Чүй облассттык бириктирилген ооруканасында, Чүй облассттык Үй-бүлөлүк медицина борборунда, Ош шаардык клиникалык ооруканасында, Өзгөн, Сузак, Кара-Суу райондорунун Үй-бүлөлүк медицина борборлорунда, Өзгөн, Сузак, Кара-Суу, Ысык-Ата райондорунун аймактык ооруканаларында бардык курулуш объекттери боюнча подрядчылар иш өндүрүшүнүн журналын жүргүзбөгөндүгү, аткаруу документтери, ички иштердин актылары жана сыноолордун актылары түзүлбөгөндүгү аныкталгандыгын, белгилей кетүү керек. Ошондой эле, пайдаланылган материалдардын сертификаттары берилген эмес.

"Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын бузуу менен конкурс өткөрбөстөн туруп, төмөндөгү уюмдарда товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуулар жүргүзүлгөн: Нарын облассттык бириктирилген ооруканасында - 910,0 миң сом, Жалал-Абад облассттык клиникалык ооруканасында - 350,0 миң сом, Жалал-Абад облассттык Үй-бүлөлүк медицина борборунда - 237,4 миң сом,

Сузак райондук Үй-бүлөлүк медицина борборунда - 57,8 миң сом, Сокулук аймактык ооруканасында - 1759,7 миң сом, Сокулук райондук Үй-бүлөлүк медицина борборунда - 799,1 миң сом, ММКФнын Ысык-Көл аймактык башкармалыгында - 7,9 миң сом, Ысык-Көл аймактык ооруканасында - 159,2 миң сом, Ак-Талаа аймактык ооруканасында - 687,2 миң сом, Нарын райондук Үй-бүлөлүк медицина борборунда - 15,6 миң сом, Токмок шаарынын аймактык ооруканасында - 341,4 миң сом суммасында.

**Корутунду**

**1.** Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2016-жылга карата мурдагы аудитинин жыйынтыктары боюнча жазма буйруктун 13 пунктунун ичинен бир пункту аткарылбай калган.

**2.** Саламаттык сактоо министрлиги жана ММК фонду тарабынан ушул мезгилге чейин медициналык жардам көрсөтүүнүн стандарттары иштелип чыккан эмес жана республиканын калкына жеңилдетилген шартта көрсөтүлүүчү мамлекет тарабынан кепилденген базалык медициналык кызматтардын тизмеси аныкталган эмес. Мамлекеттик кепилдиктер программасын жүзөгө ашырууга муктаждыкты аныктоо үчүн стандарттардын наркын эсептөө иштелип чыккан эмес.

**3.** Конкреттештирилген базалык медициналык кызматтардын тизмесинин жоктугу саламаттык сактоо уюмдарына акы төлөнүүчү медициналык кызматтардын тизмесин көбөйтүүгө мүмкүндүк берет. Ошол эле учурда баалардын прейскуранты жана тизме Саламаттык сактоо министрлиги тарабынан көзөмөлдөнбөйт.

**4.** Ченемдик-укуктук базанын өркүндөтүлбөгөндүгү жана андагы карама-каршылыктар саламаттык сактоо уюмдары тарабынан бюджеттик каражаттарды натыйжасыз пайдаланышына мүмкүндүк берет.

**5.** Саламаттык сактоо уюмдарына экономикалык автономия берүү боюнча бекитилген укуктар жана мыйзамдардын ченемдери аткарылбайт.

**6.** ММК фондунун каражаттарын республикалык бюджетке интегарциялоодо ММКны каржылоонун камсыздандыруу механизмдери боюнча принциптер Борбордук казыналык тарабынан бузулган. Жыйынтыгында, республикалык бюджеттен калктын аялуу категориясына **429637,7 мин сом** суммасында камсыздандыруу төгүмдөрү төлөнгөн эмес. Анын натыйжасында, ММК фондунун 2017-жылы Келишимге ылайык, ММК каражаттары боюнча саламаттык сактоо уюмдарынын алдындагы милдеттемелери аткарылган эмес.

**7.** Саламаттык сактоо министрлиги жана ММК фонду тарабынан саламаттык сактоо уюмдарынын финансылык тобокелдиктерин минималдаштыруу жаатында, Бюджеттик кодексти жүзөгө ашырууда мыйзамдык актылар иштелип чыккан эмес.

**8.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 10-июлундагы №480 «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 23-августундагы

№489 «Социалдык чөйрөдө иштеген техникалык жана кенже тейлөөчү персоналдын кызматтык маяналарын бекитүү жөнүндө» токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» токтомун аткаруу боюнча, 2017-жылы республикалык бюджеттен Бирдиктүү төлөөчү тутумунда иштеген саламаттык сактоо уюмдарынын кенже жана техникалык тейлөөчү персоналынын кызматтык маяналарына коэффициент коюу жолу менен, жогорулатууга кошумча **436739,8** миң сом суммасында каражат бөлүнгөн.

Бирок, ММК фонду тарабынан саламаттык сактоо мекемелерине кызматтык маяналарды жогорулатпоо, ал эми айырмасын эмгек акысына кошумча коэффициент төлөмү катары көрсөтүү сунушталган.

Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 152-беренесине ылайык, айлык акыга тийиштүү сый акылардын тизмеси Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилет, ага ылайык аталган Тизме Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жыл 27-сентябрындагы №408 токтому менен бектитилген (КРӨ 27.09.2012-ж. №656 токтомунун редакциясында), бул жерде айлык акыга үстөк акылардын тизмесинде кызматтык маянага коэффициент коюу көрсөтүлгөн эмес.

**9.** 2017-жылы КР Өкмөтүнүн буйругунун жана Жогорку Кеңештин комитетинин чечимдеринин негизинде республикалык бюджеттен максаттуу иш-чараларга 2216 «Саламаттык сактоо системасында бирдиктүү статьялар менен берилген чыгашалар» беренеси боюнча кошумча **118418,6** миң сом суммасындагы каражат бөлүнгөн жана максаттуу кошумча каражаттарды каржылоо жүргүзүлгөн.

КР Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун Мамлекеттик кепилдиктер программасын аткарууга багытталган чыгымдарды гана каржылоого укугу бар жана ММК фонду аркылуу кошумча максаттуу чыгашаларды каржылоо Мыйзамга карама-каршы келет.

**10.** МКП боюнча Жеңилдетилген дары-дармек менен камсыз кылуу боюнча каражаттардын өздөштүрүлүшүнө көзөмөлдүн жана мониторинг жүргүзүүнүн жоктугунун натыйжасында, МКП боюнча өздөштүрүлбөгөн сумма **16431,1** миң сомду түздү, бул сумма саламаттык сактоо уюмдары тарабынан кредитордук карыздарды жабуу үчүн кайра бөлүштүрүлгөн.

**11.** КР Финансы министрлиги менен макулдашуу боюнча жалпы суммасы 44406,9 миң сом бюджеттик каражаттар саламаттык сактоо уюмдарынын ортосунда кайра бөлүштүрүлгөн.

**12.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 20-февралындагы №118 токтому менен бекитилген, «Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги жөнүндө» Жобого ылайык, тендердик негизде товарлардын, жумуштардын, кызмат көрсөтүүнүн борбордук сатып алууларын жүргүзүү жана муктаждыкты аныктоо, саламаттык сактоо уюмдарынын инфратүзүмүн жана материалдык-техникалык базасын жакшыртуу боюнча иш-чараларды камсыз кылуу, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин колдоо

көрсөтүү боюнча функцияларынын бири болуп эсептелет, бирок алар аткарылбай келет.

Саламаттык сактоо уюмдары жогоруда көрсөтүлгөн маселелер менен өз алдынча алектенүүгө муктаж болууда, бул өз кезегинде сапаттуу медициналык кызмат көрсөтүүгө терс таасирин тийгизет.

Саламаттык сактоо уюмдары тарабынан каражаттарды бөлүштүрүүдө, бюджеттик каражаттар боюнча чыгашалар сметасына саламаттык сактоо уюмдарынын инфратүзүмүн жана материалдык-техникалык базасын жакшыртууга, жалпы **657341,1** миң сом суммасы каралган.

**13.** 2017-жылы бюджеттен алынган каражаттардан көрсөтүлгөн медициналык-санитардык жана стационардык кызматтары үчүн саламаттык сактоо уюмдарына жалпы суммасы **54325,2** миң сомду кем төлөөгө жол берилген.

**14.** 2017-жылдын жыйынтыгы боюнча жылдык баланска ылайык, ченемден ашык корлордун жана материалдардын болушуна талдоо жүргүзүү боюнча маалыматтар, бюджеттик каражаттар боюнча белгиленген товардык-материалдык баалуулуктардын ченемден ашык корлору жана дебитордук карыздардын кредитордук карыздардан **56677,8** миң сомго жогору болушу көрсөтүлгөн.

Товардык-материалдык баалуулуктардын ченемден ашык корлорунун болушу, дебитордук жана кредитордук карыздардын болушу, саламаттык сактоо уюмдарынын жетекчилери тарабынан иштелип табылган каражаттарды сарамжалдуу эмес жана натыйжасыз пайдалануусунан кабар берет жана Саламаттык сактоо министрлиги жана ММК фонду тарабынан саламаттык сактоо уюмдарынын каражаттарды сарамжалдуу жана натыйжалуу пайдаланышына көзөмөлдүн жоктугун көрсөтүп турат.

**15.** 2017-жылы ММК фонду тарабынан Саламаттык сактоо жана милдеттүү медициналык камсыздандыруу боюнча Байкоочу кеңештин 2017-жылдын 15-февралындагы чечими менен белгиленген ченемдер боюнча ММК каражаттарынан саламаттык сактоо уюмдарын каржылоодо, ММК каражаттары боюнча 37 саламаттык сактоо мекемесине **5357,5** миң сом суммасындагы каражат ашыкча төлөнгөн жана 160 саламаттык сактоо мекемесине **160106,8** миң сом кем төлөнгөн.

**16.** Кыргыз Республикасынын 1999-жылдын 18-октябрындагы №112 “Кыргыз Республикасында жарандарды медициналык камсыздандыруу жөнүндө” Мыйзамынын 25-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду жана анын аймактык башкармалыктары медициналык камсыздандыруу төгүмдөрүнүн эсебинен каржыланат. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 20-февралындагы №133 токтому менен бекитилген, “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду жөнүндө” Жобонун 11-пунктунда ММК фондунун аппаратын жана анын аймактык башкармалыктарын каржылоонун ченеми, милдеттүү медициналык камсыздандыруу каражаттарынан ММК фондунун

башкаруусундагы **топтолгон каражаттардын** жалпы көлөмүнөн үч пайызга чейинки өлчөмдө белгиленген, мунун өзү ММК фондуна жалпы бириккен бюджетке шилтөө менен, административдик чыгымдардын көлөмүн көбөйтүүгө мүмкүндүк берет.

“Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду жөнүндө” Жобого Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 18-октябрындагы №562 токтомунун редакциясында өзгөртүү киргизилген, анда ММК фондунун борбордук аппаратынын жана анын аймактык башкармалыктарынын кызматкерлерине эмгек акы төлөө шарттары Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныктала тургандыгы белгиленген. Азыркы учурда ММК фондунун кызматкерлерине эмгек акы төлөө шарттары, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун төрагасы тарабынан аныкталат.

**17.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 22-августундагы № 473 токтомуна ылайык, ММК фондунун борбордук аппараты жана аймактык башкармалыктары боюнча мамлекеттик кызматтардын ченемдик түзүмү сакталган эмес, мунун өзү эмгек акы фондунун негизсиз жогорулашына алып келген жана эмгек акы фонду боюнча ашыкча чыгым **3455, 7** миң сомду түзгөн, анын ичинде Соцфондго чегерүүлөр – 569,7 миң сом.

**18.** ММК фонду тарабынан баштапкы пландаштырууда эле сметага ашыкча каражаттар каралат, мисалы, ММК фондунун борбордук аппаратынын чыгашаларынан 3112 «Машиналар жана жабдуулар» беренесинен **3289,9** миң сом азайтылып, ММК фондунун аймактык башкармалыктарынын эмгек акы боюнча чыгашаларын жогорулатууга жумшалган.

**19.** Ички аудит башкармалыгы КР Өкмөтүнө караштуу ММК фондунун ички тобокелдиктерине жетиштүү деңгээлде көңүл бурбайт. 2017-жылы базалык ченемдерди түзүү, кызматтардын ченеми боюнча штаттык санды түзүүдөгү көп сандаган мыйзам бузуулар, КР Өкмөтүнө караштуу ММК фондунун төрагасы тарабынан кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттарын өз алдынча аныктоонун тууралыгы боюнча аудитордук корутунду берилген эмес, мунун өзү колдонуудагы ченемдик-укуктук актыларга карама-каршы келет.

**20.** Аудиттин жыйынтыктары Саламаттык сактоо министрлигинин кароосуна жөнөтүлөт. ММК фондунун Ички аудит башкармалыгы саламаттык сактоо уюмдарына сунуш берүү менен чектелет жана алардын аткарылышын андан ары көзөмөлдөө жүргүзүлбөйт.

**21.** ММК фондунун 2017-жылга карата сатып алуулар планы үстүртөн иштелип чыккан, мунун өзүн 2016-жылдын 30-декабрында 2375,2 миң сом суммасында бекитилген мамлекеттик сатып алуулар планы менен 2017-жылдын 9-ноябрында 12381,6 миң сом суммасында бекитилген сатып алуулар планынын ортосундагы айырмачылык тастыктайт, баштапкы планга

караганда дээрлик беш эседен көп 10006,4 миң сомдон көп сумма бекитилген.

**22.** Байкоочу кеңештин чечими боюнча каражаттарды бөлүүдө, Саламаттык сактоо министрлигинен боло турган сатып алууларга негиздеме талап кылынган эмес жана алдын ала мониторинг жүргүзүлбөгөн, бул жабдууга болгон муктаждыкка талдоо жүргүзүлгөн эмес, тейленүүчү калктын саны эске алынбаган, калктын саны аз болгон эл жашаган пункттарга мындай жабдууну орнотуунун максаттуулугуна, бул жабдуунун өзүн өзү актай ала тургандыгына жана жалпы эле мамлекеттик каражаттардын натыйжалуу пайдаланылышына талдоо жүргүзүлгөн эмес. Тигил же бул калктуу пункт үчүн мындай жабдууну сатып алуунун максаттуулугу жөнүндө алдын ала адистердин корутундусу жок.

**23.** Аудиттин жүрүшүндө "Эко Лифт" ЖЧКсына 2018-жылдын 23-мартынан 1-августуна чейин 124 күнгө **19,8** миң сом суммасындагы жана "КБМ" ЖЧКсына **4,4** миң сом суммасындагы туумдар салынган, бул туумдар "Эко Лифт" жана "КБМ" ЖЧКларынан кармалып бюджетке которулушу керек.

**24.** Саламаттык сактоо уюмдары тарабынан кошумча төлөм боюнча жүргүзүлгөн чыгымдар **9065,1** миң сомду түздү, алар кошумча төлөмдүн максатка ылайык эмес чыгашалар болуп эсептелет.

**25.** Бишкек шаары боюнча саламаттык сактоо уюмдарында бош кызмат орундар 2474,5 бирдик (14,8 %), Чүй облусу 397,75 бирдик (5,3 %), Талас облусу 135,75 бирдик (5,1 %), Ысык-Көл облусу 167,75 бирдик (3,7 %), Ош облусу 379,50 бирдик (2,3 %) жана Жалал-Абад облусу 228,25 бирдик (2,0 %).

Бош кызмат орундарынын пайда болушунун негизги себептери, бул саламаттык сактоо уюмдарынын жетекчилеринин эмгек акы фондун көбөйтүп, мунун менен ЭКК аркылуу бөлүштүрүлүүчү кошумча айлык акы фондун түзүүгө умтулуусу. Бул жерде саламаттык сактоо уюмдарындагы штаттык бирдиктерди оптимизациялоо боюнча укуктук-ченемдик акт кабыл алуу зарыл.

**26.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 26-майында №246 токтому менен бекитилген, Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоонун кызматкерлеринин эмгек акысын жөнүндө Жобосу менен, Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоонун кызматкерлеринин эмгек акысы базалык маяна, дем берүү жана компенсациялоо мүнөзүндөгү үстөк акылардан турат. Белгилеп кетчү нерсе, айлык акы фондун пландоодо "Кошумча айлык акы фонду" деген каралбайт.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 26-майында №246 токтому менен бекитилген, Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоонун кызматкерлеринин эмгек акысын жөнүндө Жобосунда, кошумча айлык акы топтоштурулган эмгек акы фондунун үнөмдөөсүнөн пайда болот жана эмгек катышуусуна ылайык бөлүштүрүлөт деген түшүнүк берилген. Бул аныктама саламаттык сактоо уюмдарынын эмгек акы фондун пландоосунда жана

чыгымдоосуна ылайык келбейт, же эмгек акы фонду пландоодо республикалык бюджеттен гана каралган каражаттар алынат. Белгилей кетүү керек, КР эмгек боюнча боюнча мыйзамдарында “кошумча айлык акы” деген түшүнүк жок.

Жыйынтыгында 2017-жылы топтоштурулган бюджеттин эсебинен иштеген медициналык персоналга кошумча эмгек акы **946469,9** миң сом же жалпы эсептелинген эмгек акы фонду 6878751,6 миң сомдон 13,76% эсептелинип жана төлөнүп берилген, анын ичинен республикалык бюджеттен – 115264,9 миң сом, ММК каражаттары – 610349,0 миң сом, кошумча төлөм – 7463,4 миң сом жана атайын каражаттар - 213392,6 миң сом. Социалдык фондго чегерүү **163266,0** миң сомду түздү. Эки берене боюнча чыгымдар **1109735,9** миң сомду түздү.

**27.** КР Өкмөтүнүн 04.04.2016-жылдагы №140-б «КР бюджеттик уюмдары үчүн 2016-2017-жылга электр, жылуулук энергиясын жана жаратылыш газын керектөөнүн лимиттерин бекитүү жөнүндө» буйругун бузуу менен, айрым саламаттык сактоо уюмдары тарабынан электр энергиясы лимиттен ашык 3862,0 миң кВт/саат 8892,0 миң сомго жана жылуулук энергиясы 1980,4 миң Гкалл 4544,6 миң сомго керектелген.

**28.** Бирдиктүү төлөөчү тутумундагы 178 саламаттык сактоо уюмдарга аудит жүргүзүлгөн, анын жыйынтыктары боюнча төмөндөгүлөр аныкталган:

**27768,1 миң сомго каржы бузуулары**, анын ичинен:

- Акча каражаттарынан жана товардык-материалдык баалуулуктардан жетишпестиктер жана кем чыгуулар – **7757,1 миң сом**;
- **Каражаттарды чыгымдоодо бузуулар жана кемчилдиктер** – **17705,1 миң сом** суммасында, анын ичинен:

- эмгек акыларды негизсиз төлөө – 8678,2 миң сом;

- акча каражаттарын, материалдык баалууктарды негизсиз эсептен чыгаруу – 498,3 миң сом;

- Казыналыктын тутумунан кыйгап өтүү менен, пайдаланылган каражаттар - 141,8 миң сом;

- курулуш-куроо иштеринин көлөмүн негизсиз көбөйтүү – 1970,3 миң сом;

- дебитордук карызды эсепке алуу боюнча жашыруулар жана ашырылган кредитордук карыздар – 6416,5 миң сом.

- **Бюджетке кошумча кошуп эсептелген кирешелер 2263,3 миң сом** суммасын түздү.
- **Социалдык фондунун бюджетине кошумча кошуп эсептелген кирешелер 42,6 миң сом** суммасын түздү.

Аныкталган каржы бузуулардын жалпы суммасынан 19139,8 миң сом ордуна коюлууга тийиш, анын ичинен ордуна коюлганы 2820,5 миң сомду түздү.

**8984,6 миң сом суммасында бюджеттин резервдери жана жоготуулары** аныкталган, анын ичинен:

- товардык-материалдык баалуулуктардын ченемден ашык чыгымдары – 5938,1 миң сом;

- бюджеттик мекемелерди ашыкча каржылоо – 434,3 миң сом;

- эмгек акыларды төлөөдөгү бузуулар – 1149,7 миң сом;

- бюджеттин башка резервдери жана жоготуулары – 1462,5 миң сом.

**247,9 миң сом суммасында рационалдуу эмес пайдаланылган каражаттар** аныкталган, анын ичинен мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүдөгү бузуулар – 247,9 миң сом.

**29. Улуттук госпиталда** 2017-жылга бекитилген тарификациялык тизме боюнча түнкү, майрамдык күндөр үчүн үстөк акылардын эсеби менен эмгек акы фонду 172289,5 миң сомду түздү. Баштапкы бекитилген эмгек акы фонду 172639,5 миң сом же негизсиз ЭАФна документтерди кайра тигип чыгуу кызматына 350,0 миң сом каралган.

Улуттук госпиталдын №1 реанимация бөлүмүндө жаткан оорулууларды дары-дармек менен толук камсыз кылуу маселеси боюнча ооруулардын тарыхтарын тандоо жолу менен жүргүзүлгөн аудиттин негизинде, оорулуулар өздөрү дары-дармек (нутрикам, цефакон, ниматол, панкреотин, Витамин В1, нейромедин, берлитион, глиатилин, кладогрил ж.б.) алгандыгы аныкталган.

“Шашылыш консультативдик медициналык жардам бөлүмүнүн” Жобосуна ылайык, бөлүмдүн түзүмүндө медициналык кызматкерлер менен бирге сыртка чыгуу бригадалардын айдоочу кызматы дагы каралат, Улуттук госпиталь муну аткарган эмес. Анткени Улуттук госпиталь Шашылыш консультативдик медициналык жардам бөлүмүнүн функциясын толук аткаруу үчүн, өзүнүн балансында адистештирилген санитардык автотранспорт  каражаты жок.

Ушуга байланыштуу, Улуттук госпиталь Саламаттык сактоо министрлигинин Автобазасынын адистештирилген санитардык автотранспорт каражатынын кызматын колдонушат.

2017-жылы көрсөтүлгөн транспорттук кызматтарга Улуттук госпиталдын казыналыктагы бюджеттик эсебинен Саламаттык сактоо министрлигинин Автобазасынын эсебине 10723,5 миң сом которулуп берилген.

**30. Ысык-Ата райондук Үй-бүлөлүк медицина борборунда** 01.01.2014-жылдан тартып 31.03.2017-жылга чейинки аралыкта ММК фондунун Ички аудит башкармалыгы тарабынан жүргүзүлгөн аудиттин натыйжасында, негизсиз жалпы суммасы 4406,0 миң сомго квалификациялык категория үчүн ашыкча үстөк акы эсептелинип төлөнгөндүгү аныкталган. Бул ашык төлөмдөн азыркы аудиттин бүтүп жаткан кезине карата кызматкерлерден 3242,6 миң сом ордуна келтирилген же 1163,4 миң сом ордуна келтириле элек.

**31. Хирургия жана органдарды трансплантациялоо илимий изилдөө институтунда (мындан ары – Институт)** 2018-жылдын 25-июнуна карата жарамдуулук мезгили бүткөн 2011-жылы жогорку технологиялык

фонд линиясы менен түшкөн 1553,8 миң сомдук медициналык багыттагы буюмдар болгон. Медициналык багыттагы буюмдардын 7 аталышы боюнча жарамдуулук мезгили 2012-2014-жылдары бүткөн.

Институттун алдында “Дипломдон кийинки билим берүү жана илимий изилдөөлөр Борбору” мекемеси иштейт. Институттун Уставына ылайык, бул Борбор Институттун юридикалык өз алдынча түзүмдүк чарба жүргүзүүчү түзүмү болуп эсептелет. Муну менен бирге, Институт бюджеттик мекеме катары өз алдынча чарба жүргүзүүчү түзүм кармоого акысы жок. Бул Борбор Институттун имаратында жайгашкан.

**32. Чүй областтык бириктирилген ооруканада** 2 автомашина ушул кезге чейин, МКНын мамлекеттик органы аркылуу белгиленген тартипте, Чүй областтык бириктирилген ооруканынын каттоосуна, мурунку ээлеринин каттоосунан кайрадан каттоо жүргүзүлгөн эмес.

**33.** Аудиттелген мезгилге карата, оорулуулар өз алдынча кетип калуудан жана кошуп төлөөлөрдөн баш тартуудан улам, кирешелер жеткире түшкөн эмес. Алсак, Улуттук хирургия борборунда – 3263,3 миң сом суммасында, Республикалык клиникалык жугуштуу оорулар ооруканасында - 450,7 миң сом суммасында, Бишкек Травматология жана ортопедия илимий-изилдөө борборунда - 440,0 миң сом суммасында, Сокулук аймактык ооруканасында - 91,1 миң сом суммасында, Кызыл-Кыя аймактык ооруканасында - 254,7 миң сом суммасында кирешелер жеткире түшкөн эмес.

**34.** Төмөндөгү саламаттык сактоо уюмдарында кезектеги жана капиталдык оңдоолорго каражаттардын пайдаланылышына жүргүзүлгөн аудит тарабынан, Улуттук госпиталда, Республикалык клиникалык жугуштуу оорулар ооруканасында, Чүй областтык бириктирилген ооруканасында, Чүй областтык Үй-бүлөлүк медицина борборунда, Ош шаардык клиникалык ооруканасында, Өзгөн, Сузак, Кара-Суу райондорунун Үй-бүлөлүк медицина борборлорунда, Өзгөн, Сузак, Кара-Суу, Ысык-Ата райондорунун аймактык ооруканаларында бардык курулуш объекттери боюнча подрядчылар иш өндүрүшүнүн журналын жүргүзбөгөндүгү, аткаруу документтери, ички иштердин актылары жана сыноолордун актылары түзүлбөгөндүгү аныкталгандыгын, белгилей кетүү керек. Ошондой эле, пайдаланылган материалдардын сертификаттары берилген эмес.

**35.** “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамын бузуу менен, конкурс өткөрбөстөн туруп, төмөндөгү уюмдарда товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуулар жүргүзүлгөн: Нарын областтык бириктирилген ооруканасында - 910,0 миң сом, Жалал-Абад областтык клиникалык ооруканасында - 350,0 миң сом, Жалал-Абад областтык Үй-бүлөлүк медицина борборунда - 237,4 миң сом, Сузак райондук Үй-бүлөлүк медицина борборунда - 57,8 миң сом, Сокулук аймактык ооруканасында - 1759,7 миң сом, Сокулук райондук Үй-бүлөлүк медицина борборунда - 799,1 миң сом, ММКФнын Ысык-Көл аймактык башкармалыгында - 7,9 миң сом, Ысык-Көл аймактык ооруканасында - 159,2

миң сом, Ак-Талаа аймактык ооруканасында - 687,2 миң сом, Нарын райондук Үй-бүлөлүк медицина борборунда - 15,6 миң сом, Токмок шаарындагы аймактык ооруканасында - 341,4 миң сом суммасында.

**Сунуштар**

**Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 10-июлундагы №480 «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 23-августундагы №489 «Социалдык чөйрөдө иштеген техникалык жана кенже тейлөөчү персоналдын кызматтык маяналарын бекитүү жөнүндө» токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» токтомунун аткарылышынын тууралыгын карап чыгууну сунуштайт. Анда Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу ММК фонду тарабынан саламаттык сактоо мекемелерине эмгек маяналарды жогорулатпоо, ал эми айырмасын эмгек маянасына кошумча акы коэффициенти катары көрсөтүү сунушталган, мунун өзү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1999-жылдын 26-июлундагы №408 «Эмгек акыга кирүүчү кошумча төлөмдөрдүн тизмеси жөнүндө» токтомуна карама-каршы келет, бул токтомдо эмгек маянасына кошумча акы коэффициенти жок.

**2.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн буйруктары, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин чечимдери менен Мамлекеттик кепилдиктер программасынан тышкары, республикалык бюджеттен ММК фондуна бөлүнүүчү кошумча каражаттар «Кыргыз Республикасында саламаттык сактоону каржылоонун бирдиктүү төлөөчү тутуму жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарына туура келбейт, Бирдиктүү төлөөчү тутумун киргизүүнүн максаты, Мамлекеттик кепилдиктер программасынын аткарылышын ресурстук жактан камсыз кылуу жана каржылоо методдорун өркүндөтүү үчүн саламаттык сактоо бюджетин топтоштуруу болуп саналат.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду Мамлекеттик кепилдиктер программасын аткарууга багытталган чыгымдарды гана каржылайт жана ММК фонду аркылуу кошумча максаттуу чыгашаларды каржылоо ушул Мыйзамга каршы келет.

**3.** ММК фондунун аппаратын жана анын аймактык башкармалыктарын каржылоонун ченеми, милдеттүү медициналык камсыздандыруу каражаттарынан **топтолгон каражаттардын** жалпы көлөмүнөн үч пайызга чейинки өлчөмдө белгиленишинин максаттуулугу каралсын, ошол эле учурда Кыргыз Республикасынын 1999-жылдын 18-октябрындагы №112 «Кыргыз Республикасында жарандарды медициналык камсыздандыруу жөнүндө» Мыйзамынын 25-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду жана анын

аймактык башкармалыктары медициналык камсыздандыруу төгүмдөрүнүн эсебинен каржыланат.

**4.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтү колдонуудагы ченемдик-укуктук актыларга ылайык, ММК фондунун кызматкерлеринин эмгек акы төлөө шарттарын иштеп чыгуу зарыл.

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине:**

**1.** Саламаттыкты сактоо уюмдарынын минималдуу тобокелдиктерин медициналык кызмат көрсөтүүлөрдүн түрлөрү боюнча базалык ченемдик каржылоону аныктоо менен, ченемдик-укуктук документтердин негизинде каржылоо;

**2.** "Кыргыз Республикасынын саламаттыкты каржылоодогу Бирдиктүү төлөөчү тутуму жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын аткаруу;

**3.** республикалык бюджеттен бөлүнүп берилген максаттуу кошумча каражаттар Мамлекеттик кепилдиктер Программасынан тышкары, бюджеттик классификациялоо боюнча Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлиги аркылуу белгиленген тартипте караштырылууга тийиш;

**4.** Камсыздалсын:

- 2018-жылы ведомстволук классификациялоонун 36121 коду боюнча, 2711 «Социалдык камсыздоо боюнча жөлөкпулдар» беренеси боюнча 429637,7 миң сомду калыбына келтирүү;

- Кызыл-Кыя аймактык ооруканасында 50,0 миң сомдук, Ноокат районуна караштуу "Барын" Үй-бүлөлүк медицина борборунда 41,6 миң сомдук, Казыналыктын тутумунан кыйгап өтүү менен пайдаланылган атайын каражаттарды республикалык бюджеттин киреше бөлүгүнө алуу.

**Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине:**

**1.** Каралсын:

- аудиттин жыйынтыгы, аныкталган бузууларды жана кемчиликтерди жоюу боюнча тийиштүү чараларды кабыл алуу, аларды мындан ары бюджеттик, атайын жана башка каражаттарды пайдаланууда жол бербөө;

- иштеги кемчиликтерге жана бузууларга жол берген кызмат адамдардын жоопкерчилиги.

**2.** Камсыздалсын:

- саламаттык сактоо системасынын ченемдик-укуктук актыларын бюджеттик жана эмгек мыйзамынын ченемдерине ылайык келтирүү;

- жарандарды медициналык-санитардык жардам менен камсыздоо боюнча, Мамлекеттик кепилдиктер программасын кепилдик берилген медициналык кызматтардын мамлекет тарабынан кепилдик берилген түрлөрү боюнча базалык пакеттин тизмесин аныктоо, ошондой эле республикалык бюджет тарабынан керектөөлөрдү тең салмакталган ордун толтуруу менен аныктоо үчүн базалык пакеттин наркынын өзүн кайра карап чыгуу;

- кыска мөөнөт ичинде стандарттарды бекитүү, алардын бааларын эсептөө жана алардын негизинде Мамлекеттик кепилдиктер программасын финансылык камсыздоону түзүү. Мындан тышкары медициналык кызматкерлерге айлык акы төлөп берүү методикасын кайра карап чыгуу, дарылоо мекемелеринин түйүндөрүн оптималдаштыруу боюнча анализ жүргүзүү, стационарлардын ишмердүүлүгүнө жана айып пул санкцияларынын негиздүүлүгүнө баалоо жүргүзүү, эксперттердин ишмердүүлүгүнө бирдиктүү критерийлерди иштеп чыгуу;

- саламаттык сактоо уюмдарынын топтолгон каражаттарын натыйжалуу пайдаланылышына көзөмөл кылуу;

- Саламаттык сактоо министрлиги жана ММК Фондунун ортосунда өз ара аракеттенишүү Регламентин кайра карап чыгуу жана бекитүү;

- Кымбат баалуу жабдууларды жана кызматтарды сатып алууга бюджеттик каражаттарды бөлүү учурунда жүргүзүлгөн чыгымдардын максатка ылайыктуулугуна техникалык-экономикалык анализ жүргүзүү;

- ММК Фондун Мамлекеттик кепилдиктер программасын ишке ашыруунун бекитилген ченемдеринен ашыкча каржылоого, саламаттык сактоо уюмунун саясатын жана материалдык-техникалык базасын башкаруучу орган катары кароого жол бербөө;

- Үй-бүлөлүк борбор үчүн туруктуу штаттык ченемдерди жана башка кызматкерлерди бекитүү;

- саламаттык сактоо уюмдары тарабынан көрсөтүлгөн акы төлөнүүчү кызматтарга бекитилген баалардын Прейскурантын атайын каражаттар жана калкка кошумча төлөм боюнча кайра карап чыгуу;

- калктын Мамлекеттик кепилдиктер программасы жана ММК боюнча дары менен камсыздоонун жеңилдетилген программалары боюнча дары каражаттары менен өз учурунда камсыз кылуу максатында, жеңилдетилген дары-дармек менен камсыздоо келишимдери боюнча иштеген дарыканаларды жана дарыкана пункттарына лицензия берүү боюнча маселелерди чечүүнү камсыздоо.

**3.** Калктын стационардык медициналык жардамга жетүү мүмкүнчүлүгүн жана сапатын жакшыртуу, ошондой эле стационарга күч келүү көрсөткүчтөрүн азайтуу максатында, Бишкек шаарынын мэриясы менен биргелешип, Бишкек шаарынын мэриясынын 18.11.1998-жылдагы токтомуна ылайык, “Көздүн микрохирургиясы” ЖЧКсы ээлеп турган №6 ШКОнун стационардык корпусу катары турган турак эмес жайды (1075 кв.м аянты менен №2 корпус) пайдаланууну чечсин.

**Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондуна:**

**1.** Каралсын:

- аудиттин жыйынтыгы, аныкталган бузууларды жана кемчиликтерди жоюу боюнча тийиштүү чараларды кабыл алуу, аларды мындан ары саламаттык сактоо уюмдарында жол бербөө;

- иштеги кемчиликтерге жана бузууларга жол берген кызмат адамдардын жоопкерчилиги.

**2.** Мурунку аудиттин жыйынтыктары боюнча Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын жазма буйруктарын толугу менен аткаруу боюнча натыйжалуу чаралар көрүлсүн.

**3.** Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги менен биргеликте жарандарды медициналык-санитардык жардам менен камсыз кылуу боюнча мамлекеттик кепилдиктер Программасын, мамлекеттин кепилденген көрсөтүлүүчү медициналык жардамдын базалык пакеттердин тизмесин аныктоо менен, ошондой эле базалык пакеттин республикалык бюджет тарабынан тең салмакта камсыздандырылышын эске алуу менен, кайра карап чыгуу камсыз кылынсын.

**4.** Мамлекеттик кепилдиктер Программасын аткарууда, калкка баштапкы медициналык жардам көрсөтүүнү жакшыртуу максатында:

- медициналык жардамдын стандарты иштеп чыксын;

- медициналык жардамды төлөө формасы чыгымдардын бардык беренелерин эске алуу менен так аныкталсын: эмгек акы, коммуналдык чыгымдар, транспорттук чыгымдар, дары-дармек сатып алуулар, чыгаша материалдары ж.б.;

- тарифтин баасын эсептөө Методикасы иштелип чыксын жана бекитилсин, бардыгы так эсептелип каржылоо жагынан бекемделүүсү керек;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, жарандарды бекер медициналык жардам менен камсыздоосун кепилдөөгө өзгөчө көңүл бурулсун;

- медициналык кызматкерлердин эмгек акысын төлөө методикасы кайра карап чыксын, дарылоо мекемелеринин оптимизациялоо боюнча талдоо жүргүзүлсүн, стационарлардын иш жүргүзүүсүнө жана айып пул санкцияларынын негиздүүлүгүнө баалоо жүргүзүлсүн, эксперттердин иш алып баруусуна бирдиктүү критерийлер иштелип чыксын.

**5.** Финансылык тобокелдикттерди жабууга каражат көлөмүн аныктоодо:

- Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси так сакталсын;

- саламаттык сактоо уюмдарынын финансылык туруктуулугун жана финансылык тобокелдиктерин азайтууну камсыздоо механизмдери иштелип чыксын;

- бекитилген республикалык бюджеттин алкагында максаттуу иш-чаралардын Тизмеси аныкталсын.

**6.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 10.07.2015-жылдагы №480 “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 23.08.2011-жылдагы №489 “Социалдык чөйрөдө иштеген техникалык жана кенже тейлөөчү персоналдардын кызматтык маяналарын бекитүү жөнүндө” токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” токтомунун туура аткарылышы каралсын. Бул жерде ММК фонду тарабынан саламаттык сактоо уюмдарына кызматтык маянаны жогорулатпоо, айырмасын эмгек акысына кошумча төлөө

коэффициент катары көрсөтүү сунушталды. Бул көрсөтмө өз убагында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1999-жылдын 26-июлундагы №408 "Эмгек акыга кирүүчү сыйлоо акылардын тизмесин бекитүү жөнүндө" токтомуна каршы келет, ал жерде эмгек акыга коэффициент түрүндө кошумча акы каралган эмес.

**7.** МКП жана ММК программасы боюнча Жеңилдетилген дары-дармек менен камсыздоо программасынын аткарылышына контролдоо жана мониторинг жүргүзүү күчөтүлсүн жана бөлүнгөн каражаттардын жеткире өздөштүрүлбөгөндүгүнө жол берилбесин;

**8.** Мындан ары, саламаттык сактоонун башка уюмдарынын бюджет боюнча иштеп тапкан каражаттарды азайтуу эсебинен, Медициналык кызмат көрсөтүүлөр менен жабдуу боюнча келишимдеги белгиленген суммадан ашык, республиканын айрым саламаттык сактоо уюмдарынын чыгымдарын көбөйтүү жагына республикалык бюджеттин каражаттарынан, каражаттарды кайрадан бөлүштүрүүгө жол берилбесин.

**9.** Баштапкы көрсөтүлгөн медициналык-санитардык жана стационардык жардам үчүн, саламаттык сактоо уюмдарына бюджеттик каражаттардын ичинен жеткире төлөбөгөнгө жана ашыкча төлөөгө жол берилбесин.

**10.** Саламаттык сактоо уюмдары тарабынан топтоштурулган бюджетти натыйжалуу жана сарамжалдуу колдонуу максатында, ММК фонду тарабынан товардык-материалдык баалуулуктардын ченемден ашык корлорун болтурбоого жана дебитордук жана кредитордук карыздардын пайда болушуна көзөмөл жүргүзүлсүн.

**11.** 2017-жылы 37 саламаттык сактоо уюмдары тарабынан жол коюлган ММК каражаттары боюнча **5357,5** миң сомдук ашык төлөм жана **160106,8** миң сомдук карызды жоюу боюнча каржылоодо түзөтүү жүргүзүлсүн.

**12.** Саламаттык сактоону өнүктүрүү Фондунан кымбат баалуу жабдыктарды жана кызматтарды сатып алууга каражаттарды бөлүштүрүүдө, бөлүнгөн каражаттарды сарамжалдуу колдонуу максатында, сатып алынгандардын максаттуулугу тууралуу техникалык-экономикалык негиздеме түзүлсүн.

**13.** ММК фондунун ички аудити "Саламаттык сактоону өнүктүрүү Фондунун" каражатынын эсебинен учурда алынган жабдыктардын толук пайдалануу маселеси боюнча аудит жүргүзсүн жана бардык 4 саламаттык сактоо мекемелери боюнча аталган жабдыктардын иштөө мөөнөтүнө экономикалык талдоо жүргүзсүн жана материалдарды Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасына тапшырсын.

**14.** ММК фондунун борбордук аппаратынын жана аймактык башкармалыктарынын мамлекеттик кызматтардын ченемдик түзүмү жана штаттык саны, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 22.08.2011-жылдагы №473 токтомуна ылайык келтирилсин.

**15.** Мындан ары, ММК фондунун борбордук аппаратын камсыздоого чыгымдардын негизсиз жылдырылышына, аймактык башкармалыктардын

айлык акысы боюнча чыгымдардын негизсиз көбөйтүлүшүнө жол берилбесин.

**16.** Ички аудит башкармалыгы саламаттык сактоо уюмдарына аудиттеринин жыйынтыктары менен жиберилген сунуштардын аткарылышына дайыма мониторинг жүргүзүүнү камсыз кылсын.

**17.** Саламаттык сактоо министрлиги менен ММК фондунун өз ара иш алып баруу Регламенти кайра каралсын жана бекитилсин.

**18.** Товардык-материалдык баалуулуктарды сатып алууда мамлекеттик каражаттардын натыйжалуу жана сарамжалдуу колдонулушу камсыз кылынсын.

**19.** Мамлекеттик сатып алуулар планын түзүүдө, "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы так колдонулсун.

**20.** "Эко Лифт" ЖЧКсынан **19,8** миң сом суммасындагы жана "КБМ" ЖЧКсынан **4,4** миң сом суммасындагы чегерилген туумдар кармалып, бюджетке которулсун.

**21.** "Кыргыз Республикасында жарандардын саламаттыгын сактоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын аткарылышы камсыз кылынсын, атап айтканда, кошумча төлөм каражаттарынын колдонулушу бөлүгүндө жана кошумча төлөм каражаттарын негизсиз чыгымдоолорго жол берилбесин.

**22.** Саламаттык сактоо министрлиги жана ММК фонду саламаттык сактоо уюмдарында бош кызмат орундарынын түзүлүшүн терең изилдесин жана жүргүзүлгөн талдоого ылайык, саламаттык сактоо уюмдарында штаттык сандарын оптимизациялоо жөнүндө укуктук-ченемдик акт иштеп чыксын.

**23.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 26-майындагы №246 токтому менен бекитилген, "Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо кызматкерлеринин эмгек акысын төлөө боюнча" Жобосуна оңдоолор киргизилсин, бул жерде ММК фондунун топтоштурулган бюджетинен эмгек акы фондунун негизсиз колдонулушуна, атап айтканда, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинде жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1999-жылдын 26-июлундагы №408 токтомунда каралбаган, туура келбеген төлөмдөрдүн болушуна алып ккелген.

**24.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 4-апрелиндеги № 140-б "2016-2017-жылдарга бюджеттик уюмдар үчүн электр, жылуулук энергиясын жана жаратылыш газын керектөөнүн лимиттерин бекитүү жөнүндө» буйругунун аткарылышына дайыма көзөмөл жүргүзүлсүн жана саламаттык сактоо уюмдары тарабынан электр энергиясын жана жылуулук энергиясын керектөөдө лимиттен ашыкча колдонууга жол берилбесин.

**25.** Өмүргө маанилүү дары-дармектердин Тизмесине оорулууну дарылоодо көбүрөөк колдонулуучу дары-дармектер киргизилсин, туруктуу түрдө пациенттерге керектүү дары-дармектердин керектөөлөрүнө талдоо

жүргүзүлсүн жана өз убагында Өмүргө маанилүү дары-дармектердин Тизмесине өзгөртүү киргизилип турулсун.

**26.** ММК фонду тарабынан саламаттык сактоо уюмдарында Саламаттык сактоо министрлигинин жана ММК фондунун укуктук-ченемдик актыларына ылайык, бейтаптардан стационардык уюмдарда медициналык жардам алууда кошумча төлөмдөрдүн толук түшүшүнө так көзөмөл жүргүзүлсүн.

**27.** ММК фонду "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын саламаттык сактоо уюмдары тарабынан сактоосуна көзөмөл жүргүзсүн жана аныкталган бузуу фактылары боюнча чараларды көрсүн.

**28.** Бирдиктүү төлөөчү тутумунда иштеген саламаттык сактоо уюмдарына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча аныкталган жалпы каржы бузуулардан ордуна коюла элек 16319,3 миң сомду ордуна коюу үчүн, тиешелүү чаралар көрүлсүн.

**29. Улуттук госпиталь боюнча:**

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен каралбаган чыгымдар түрлөрү, мындан ары эмгек акы фондуна киргизилбесин;

- МКПга ылайык, стационарда дарыланып жаткан оорулууларды дары-дармек препараттары менен камсыздалсын;

- «Санавиация» автотранспорт каражатын күтүүгө каралган бюджеттик каражаттардын натыйжалуу жана рационалдуу пайдалануу максатында, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин автобазасынын балансынан Улуттук госпиталдын балансына санитардык автомашиналарды берүү жөнүндө маселени Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине демилгелесин.

**30. Ысык-Ата райондук Үй-бүлөлүк медицина борбору боюнча:**

- ММК фондунун Ички аудит башкармалыгы тарабынан аныкталган квалификациялык категориясы үчүн негизсиз кошуп эсептелген же төлөнгөн 1163,4 миң сом суммасындагы үстөк акынын калдыгын бюджетке толук калыбына келтирүү камсыздалсын.

**31. Жүрөк хирургиясы жана органдарды трансплантациялоо илимий-изилдөө институту боюнча:**

- Жогорку технологиялар фонду линиясы боюнча келип түшкөн, медициналык багыттагы мөөнөтү өткөн буюмдарды колдонууга жол берген кызматтагы адамдардын жоопкерчилигин кароо боюнча тиешелүү чаралар көрүлсүн;

- Институттун түзүмүндө турган "Институттун алдында дипломдон кийинки билим берүү жана илимий изилдөөлөр Борбору" мекемеси, Институттун түзүмүнө жараша ылайыкташтырылсын.

**32. Чүй областтык бириктирилген оорукана боюнча:**

- 2 автомашинаны МККнын мамлекеттик органы аркылуу белгиленген тартипте, Чүй областтык бириктирилген оорукананын каттоосуна, мурунку ээлеринен каттоосунан кайрадан каттоо боюнча чаралар көрүлсүн.

**Аудиттин жыйынтыктары боюнча:**

- Кыргыз Республикасынын Президентине, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине, Кыргыз Республикасынын Коопсуздук Кеңешинин катчылыгына – отчет;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө – отчет жана сунуштама;
- Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине – жазма буйрук жана сунуштама;
- Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине – отчет жана жазма буйрук;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондуна – отчет жана жазма буйрук жөнөтүлсүн.